**КР УИАнын Ж. АЛЫШБАЕВ АТЫНДАГЫ ЭКОНОМИКА ИНСТИТУТУ**
**Б.Н. ЕЛЬЦИН ат. КЫРГЫЗ-ОРУС СЛАВЯН УНИВЕРСИТЕТИ**
**БИШКЕК ФИНАНСЫ-ЭКОНОМИКАЛЫК АКАДЕМИЯСЫ**

**Д.08.18.520 диссертациялык кеңеши**

**Кол жазма укугунда**
УДК 338.26 (575.2) (043.3)

**Токторбаева Калина Авлабековна**

# КАЛКТЫН ЖАШОО САПАТЫНЫН КАЛЫПТАНЫШЫНДАГЫ ТЕОРИЯЛЫК-МЕТОДОЛОГИЯЛЫК АСПЕКТИЛЕР
**(Кыргыз Республикасынын материалында)**

08.00.01 – экономикалык теория
08.00.05 – экономика жана эл чарбачылыгын башкаруу

Экономика илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазган диссертациянын
**Авторефераты**

**Бишкек - 2017**

Диссертациялык иш Б.Н. Ельцин атындагы Кыргыз-Орус Славян университетинин «Экономика теориясы» кафедрасында аткарылды

**Илимий консультанттар:** экономика илимдеринин доктору, профессор **Кумсков Геннадий Владимирович**

экономика илимдеринин доктору, профессор **Саякбаева Айганыш Апышевна**

**Расмий оппоненттер:** экономика илимдеринин доктору, профессор **Мусаева Джаркинай Асановна**

экономика илимдеринин доктору, профессор **Хикматов Умеджон Сафаралиевич**

экономика илимдеринин доктору **Орозалиева Акима Султановна**

**Жетектөөчү мекеме:** Тажик-Орус Славян университетинин «Экономика теориясы» кафедрасы дареги: 734025, Тажикистан Республикасы, Дүйшөмбү ш., М. Турсунзаде көч,30.

Диссертациялык иш 2017-жылдын 15-ноябрында саат 14.00 дө КР УИАнын Ж. Алышбаев ат. Экономика институту, Б.Н. Ельцин атындагы Кыргыз-Орус Славян университети жана Бишкек финансы-экономика академиясына караштуу экономика илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражаны ыйгаруу боюнча түзүлгөн Д.08.15.520 диссертациялык кеңештин жыйынында корголот.

Дареги: 720011, Бишкек шаары, Чүй проспектиси, 265 а, диссертациялык кеңеш (1-кабат).

Диссертациялык иш менен Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын илимий китепканасынан - дареги: 720011, Бишкек ш, Чүй пр., 265а, жана диссертациялык кеңештин www.ienaskr.org сайтынан таанышууга болот.

Автореферат 2017-жылдын 13-октябрында таркатылды.

**Д.08.15.520 диссертациялык кеңешинин**
**окумуштуу катчысы,**
**экономика илимдеринин**
**доктору, профессор** **С.Е. Савина**

## ИШТИН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Изилдөөнүн темасынын актуалдуулугу.** Кыргызстанда өткөн кылымдын аягында башталган социалдык-экономикалык реформалар калктын жашоо-турмушунда жогорку социалдык төлөмдөрдү берүүгө мажбурлаган түп-тамырынан бери өзгөрүүлөргө алып келди.

Жергиликтүү калк биринчи жолу жумушсуздук, коммерциялашуунун натыйжасында медицина жана билим берүүгө болгон кол жеткистик жаралып, калктын басымдуу бөлүгүнүн кирешеси төмөндөп, жалпы кирешенин социалдык дифференциациясынын тереңдеши менен миграциялык агымдын көбөйүп, калктын калың катмарынын социалдык коргоо кепилдиги жоголуп, элдин саламаттыгынын, мамлекеттик институттардын сапатынын жана алардын укуктун негиздеринин начарлашы сыяктуу көйгөйлөргө кабылды.

Рыноктук кайра жандануу мезгилинде социалдык көйгөйлөрдүн күчөшү менен калктын басымдуу бөлүгү үчүн оорчулук жаралды, өнүккөн рынок системасы менен эч кандай байланыш болбогон жашоо деңгээли менен бирге жашоо сапаты да дароо төмөндөп кетти.

Өнүккөн рыноктук экономикасы бар өлкөлөрдүн тажрыйбасы көрсөткөндөй, бул жаралган жагдайдан Кыргызстан экономикалык өнүгүүнүн факторлорун социалдаштыруу шарттарында гана чыга алат, б.а., калктын жашоо сапатын жакшыртуу керек, ал эми экономикалык, социалдык, руханий жана демографиялык өзгөчөлүктөрүн жана өнүгүү тенденцияларын жеке көрүүнүн негизинде ишке ашат.

Жаңы рыноктук шарттар Кыргызстан коомчулугуна азыркы цивилизациялык дүйнөнүн өнүгүү мыйзам ченемдүүлүгүнө жооп берген өнүгүүнүн жеке парадигмасын издөө жана түзүү муктаждыгын жаратат. Мында, алды менен, жалпыланган теориялык-методологиялык изилдөө жүргүзүп, рыноктук кайра калыбына келүү мезгилиндеги жашоо сапатынын калыптанышын анализдөө керек. Натыйжада, республикадагы, аймактардагы калктын жашоо сапаты боюнча негизги маселелерин аныктоого, аны жогорулатуунун жаңы жолдорун жана механизмдерин иштеп чыгууга мүмкүн болот.

Республикада жашоо шартын жакшыртуу боюнча илимий изилдөөлөрдүн көпчүлүгү экономикалык, социалдык, психо-физикалык жана экологиялык маселелерге арналган. Бирок аларда жашоо сапатынын калыптанышынын теориялык аспектилери каралбагандыктан, бул интегралдык көрсөткүч толук болушу мүмкүн эмес.

Ошондуктан жашоо сапатынын калыптанышынын жана жакшыртуунун теориялык-методологиялык аспектилери Кыргыз Республикасынын экономика илимдеринин өнүгүшү үчүн абдан маанилүү болуп, диссертациялык изилдөөнүн предмети катары тандап алууга негиз түздү.

Ошону менен бирге, жашоо сапатын жакшыртуу көз карашынан алганда, рыноктук экономика эң мыкты шарт эмес, ал эми жашоо

сапатынын жогорку стандарттарын камсыздоо коомдогу жашоо-тиричиликтин бардык чөйрөсүнүн өнүгүшүндө гана мүмкүн. Жогоруда саналгандардын бардыгы изилдөөнүн темасынын актуалдуулугун аныктайт.

Жашоо сапатынын маңызын аныктоодо Дж. Гэлбрейт, Дж. Форрестер, Д. Белл, Р.Арон, А. Пигу, А. Винер, Э. Фромм, Г. Кан, Д. Медоуз, А. Маршалл, Й.Шумпетер, Д. Фостер, З. Бжезинский, Ж. Бодрияр, К. Джини, А. Маслоу, А. Сен, П. Сорокин сыяктуу чет элдик окумуштуулар чоң салымдарын кошкон.

Жашоо сапатынын көрсөткүчтөрү С.А.Айвазян, В.И. Жеребина, А.А. Мироедова, П.С. Мстиславский, Л.Я Овчарова, А.Ю. Шевяков, М.А. Можина, Н.М. Римашевский, В.Н. Бобков, В.И. Субетто, В.Д. Роик, Л.И.Якобсон, В.А. Литвинова, Н.С. Маликов, Л.Н. Румянцева ж.б. сыяктуу орус окумуштуулары тарабынан кеңири изилдөөгө алынган.

Кыргыз Республикасында рыноктук кайра калыбына келтирүү мезгилинде калктын жашоо сапатынын жогорулашы маселесине Т.К. Койчуев, З.И. Кудабаев, Н.Х. Кумскова, Г.В.,Кумсков, Ж.А.Мусаева, В.Е. Савин, А.А. Саякбаева, В.А. Сарыгулов, Е.П. Чернова сыяктуу ата-мекендик окумуштуулардын эмгектери арналган.

Ата-мекендик жана чет элдик окумуштуулардын аталган маселеге чоң салым кошконуна карабай, экономикалык трансформация шарттарында жашоо сапатын камсыздоо боюнча көптөгөн теориялык-методологиялык жана практикалык аспектилери социалдык-демографиялык бааны камтыган комплекстик иликтөөлөр дагы да изилденбей келет.

Ошентип, азыркы таптаКыргыз Республикасынынын калкынын жашоо сапатын жогорулатуу боюнча теориялык-методологиялык иштердин актуалдуулугу жана жетишисиздиги, республиканын келечекте өнүгүшүндө аларды колдонуунун маанилүүлүгү бул диссертациялык изилдөөнүн маскатын жана милдеттерин аныктады.

**Диссертациялык иштин темасынын негизги илимий программалар жана илимий-изилдөө иштери менен болгон байланышы.** Диссертациялык иштин темасы мындай мамлекеттик программалар менен байланышат: «2013-2017 - жылдары Кыргыз Республикасынын туруктуу өнүгүшүнүн улуттук стратегиясы», «2012-2020 – жылдары Кыргыз Республикасындагы билим берүүнү өнүктүрүү стратегиясы», «2012-2016 - жылдары Кыргыз Республикасынын саламаттык сактоо системасын реформалоо боюнча «Ден соолук» программасы». Диссертация Кыргыз-Орус Славян университетинин «Экономикалык теория» кафедрасынын «Базар экономикасынын теориялык-методологиялык аспектиси» аттуу илимий-изилдөө иштеринин чегинде аткарылды.

**Иштин максаты жана милдеттери.** Изилдөөнүн **максатын** базар экономикасындагы жашоо сапатынын калыптанышынын мыйзам ченемдүүлүктөрү, тенденциялары, өзгөчөлүктөрү калктын жашоо сапатын

жогорулатуу боюнча иштелип чыккан социалдык-экономикалык механизмдердин негизинде ачып берүү түзөт.

Бул максаттарды аткаруу үчүн төмөнкүдөй **милдеттер** коюлду:

- калктын жашоо сапатын изилдөө боюнча негизги теориялык ыкмаларды системага салуу;

- «жашоо сапаты» категориясын түшүнүү боюнча ар кандай ыкмаларды жалпылап, аталган түшүнүктү тактоо;

- социалдык-экономикалык мамилердин системасында калктын жашоо сапатын индивидуалдуу жогорулатуунун концепциясын иштеп чыгуу, илимий тармакка «индивидуалдык умутулуу жана жашоо сапатын салыштырмалуу өзгөртүү эффектилерин» киргизүү муктаждыгын негиздөө;

- трансформация шартында калктын жашоо сапатынын калыптанышына таасир эткен негизги себептерин аныктоо;

- калктын жашоо сапатынын структурасы боюнча автордук классификация, кошумча индикаторлорун иштеп чыгуу жана АӨПИ эсептөө методикасын өркүндөтүү;

- методологиялык планда калктын жашоо сапатынын маанилүү бөлүгүн түзгөн руханийлик компонентин негиздөө жана аны эсептөө методикасын иштеп чыгуу;

- экономикалык трансформация мезгилинде Кыргыз Республикасынын калкынын жашоо сапатынын калыптаныш тенеденциясын, мыйзам ченемдүүлүктөрүн жана өзгөчөлүгүн аныктоо;

- калктын жашоо сапатын баалоо боюнча жеке методологияны иштеп чыгып, кийин республиканын аймактарында апробациядан өткөрүп, анын негизинде калктын социалдык коргоо механизмдерин жакшыртуу боюнча сунуштарды иштеп чыгуу;

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы.** Диссертациялык изилдөөнүн илимий жаңылыгын конкреттештирген маанилүү жыйынтыктар, ошондой эле өсүү элементтерин камтыган теориялык-методологиялык жана колдонмо билимдерге төмөнкү жоболор кирет:

-теориянын эволюциясы менен шартталган коомдук жыргалчылык категориясын түшүнүүнүн концептуалдык ыкмалары аныкталды;

- жашоо сапатынын теориялык ыкмаларын жалпылоонун негизинде «жашоо сапаты» категориясы такталышы сунушталды;

- жашоо сапатын индивидуалдуу жогорулатуу концепциясы иштелип чыкты; ошондой эле автордук ыкма жана илимге «индивидуалдык умутулуу жана жашоо сапатын салыштырмалуу өзгөртүү эффектилерин» киргизүү муктаждыгын негизделди;

- трансформация шартында калктын жашоо сапатынын калыптанышына таасир эткен негизги себептери аныкталды;

- калктын жашоо сапатынын структурасы боюнча автордук классификация иштелип чыгып, кошумча индикаторлор аныкталып, анын негизинде АӨПИ эсептөө методикасы өркүндөтүлдү;

-методологиялык планда экономикалык трансформация мезгилинде калктын жашоо сапатынын маанилүү бөлүгүн түзгөн руханийлик компоненти негизделди, руханийлик индексин эсептөө методикасы сунушталды;

-экономикалык трансформация мезгилинде Кыргызстан элинин жашоо сапатынын калыптаныш өзгөчөлүгү, негизги тенеденциясы, мыйзам ченемдүүлүктөрү аныкталды;

-мамлекеттин ролун аныктоого жана Кыргыз Республикасынын калкынын жашоо сапатын жогорулатуудагы негизги багыттарды иштеп чыгууга мүмкүн болгонжашоо сапатынын аймактык дифференциясын баалоо боюнча жеке методологиясунушталды;

**Алынган тыянактардын практикалык мааниси.** Изилдөөдө алынган тыянактар экономикада жашоо сапаты боюнча маанилүү багыттардын биринин өнүгүшүнө өбөлгө түзүп, анын түшүнүктүк жана аналитикалык аппараты өркүндөйт. Диссертациялык изилдөөнүн жүрүшүндө иштелип чыккан сунуштарды Кыргыз Республикасынын мамлекеттик бийлигинин органдары, ошондой эле илимий-изилдөө мекемелери жана уюмдары калктын жашоо сапатын жакшыртуу боюнча ситеманы, жаңы стандарттарды иштеп чыгууда, жашоо сапатын комплекстүү баалоо параметрлерин жакшыртууда, Кыргыз Республикасынын жана анын аймактарынын социалдык-экномикалык өнүгүү программасын иштеп чыгууда, мамлекеттик социалдык саясатты калыптандырууда колдонсо болот.

Диссертациялык изилдөөнүн жоболорун жана жыйынтыктарын жождордо «Экономикалык теория», «Экономика», «Макроэкономика», «Микроэкономика», «Эл таануу» сыяктуу дисциплиналардын окуу программаларын иштеп чыгууда, ошондой эле калктын жашоо сапаты маселеси боюнча атайын курстарда колдонууга болот.

**Алынган тыянактардын экономикалык мааниси.** Диссертациялык изилдөөдө сунушталган методология жана жашоо сапатын баалоо методдору жашоо сапатынын трансформациясынын багыттык векторун, алардын динамикасын аныктоого, республиканын социалдык-экономикалык өнүгүшү үчүн приоритеттүү багыттарды түзүүгө мүмкүн болгон жана эң негизгиси каржылоону талап кылган терең экономикалык анализ жүргүзүүгө шарт түзөт.

**Диссертациянын коргоого коюлуучу негизги жоболору:**

- коомдук жыргалчылыктын критерийлерин түшүнүүгө багытталган илимий ыкмалардын систематизациясы;

- «калктын жашоо сапаты» түшүнүгүнүн аныктамасын синтездешкен социалдык-экономикалык категория катары тактоо;

- жашоо сапатын индивидуалдуу жогорулатуунун концепциясы;

- трансфорациялык экономикасы бар өлкөлөрдөгү калктын жашоо сапатынын калыптанышына таасир эткен негизги факторлор;

- калктын жашоо сапатынын структурасынын классификациясы, ошондой эле АПӨИ (адам потенциалынын өнүгүш индекси) методикасын жакшыртуу үчүн кошумча индикаторлор;

- методологиялык планда жашоо сапатын түзгөн руханийлик аспектиси жана руханийлик индексин эсептөө методикасы;

- экономикалык трансформация мезгилиндеги калктын жашоо сапатынын калыптанышынын мыйзам ченемдүүлүгү, тенденциялары жана өзгөчөлүктөрү;

- жашоо сапатынын аймактык дифференциясын комплекстүү баалоо боюнча сунушталган методиканын апробациясынын негизинде калктын жашоо сапатынын төмөндөө себептери талдоого алынып, мамлекеттин ролу жана Кыргыз Республикасында азыркы мезгилде калктын жашоо сапатынын жогорулашынын негизги багыттары аныкталды.

**Изденүүчүнүн жеке салымы**. Кыргызстандын экономикалык илиминде мурда изилдөөгө алынбаган калктын жашоо сапатынын калыптанышынын теориялык-методологиялык негиздери өз алдынча иштелип чыкты. Ошондой эле жашоо сапатынын аймактык дифференциациясы боюнча кошумча индикаторлор жана комплекстүү баалоо методикасы апробациясы жана анализми менен иштелип чыгып, анын негизинде республикадагы калктын жашоо сапатын жакшыртуу бонча жаңы ыкмалар жана механизмдер сунушталды.

Ошону менен бирге изилдөөнүн негизги идеялары 2013-2017 - жылдардагы Кыргыз Республикасынын туруктуу өнүгүшү боюнча Улуттук стратегиясын иштеп чыгууда диссертанттын катышуусунда коюлган.

**Изилдөөнүн жыйынтыктарынын апробациясы**. Диссертациялык изилдөөнүн негизги жоболору жана тыянактары баяндама түрүндө мындай эл аралык жана республикалык илимий-практикалык конференцияларда жана форумдарда сунуштулган: «Эскертүү, сактоо, жардам» аттуу XIX эл аралык илимий-практикалык конференция (Химки ш., Россия Федерациясынын жарандык коргоо министерствосуна караштуу Академиясы ГОУВПО, 2009 - ж); «Кыргызстандын экономикасынын секторлоруна тармактык анализ» аттуу эл аралык илимий-практикалык конференция (Бишкек ш., Өнүгүүнүн анализи жана инициативасы институту, 2012 - ж); «Кыргыз Республикасындагы социалдык-экономикалык өнүгүүнүн тенденциялары жана перспективалары: коом, бийлик жана бизнестин карым-катышы» деген жождор аралык илимий-практикалык конференция (Бишкек ш., КМЮА, 2012 - ж.); «Кыргыз Республикасындагы жетишкендиктер жана чакырыктар» аттуу эл аралык конференция (Бишкек ш, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши жана ЮФНПА, 2014 - ж); «Азыркы Кыргызстандагы миграциянын актуалдуу маселелери» деген жождор аралык илимий-практикалык конференция (Бишкек ш., КРБО жана Эмгек жана социалдык өнүктүрүү министерствосу, 2014 - ж); «Сулайман-Тоо – тынчтыктын жана бейпилдиктин символу» аттуу Жаштардын II эл аралык илимий-практикалык конференциясы (Ош ш., ОшМУ, 2015 - ж); «Ааламдашуу

шартында аймактардын экономикасынын туруктуу өнүгүшүнүн стратегиясы» аттуу эл аралык илимий-практикалык конференция (Бишкек ш., КЭУ, 2015 - ж); «Илим жана билимдин өнүгүү перспективалары» дегенэл аралык илимий-практикалык конференция (Тамбов, 2016 - ж.).

**Диссертациянын жыйынтыктарынын негизги жоболорунун публикацияларда толук чагылдырылышы**. Диссертациялык иштин негизги жоболору 77 б.т. көлөмүндөгү 42 илимий эмгекте, анын ичинде 4 монография жана 38 илимий макала жарыяланган.

**Иштин структурасы.** Иш киришүүдөн, төрт баптан, корутундудан, тиркемеден жана 200 булакты камтыган колдонулган адабияттардын тизмесинен турат. Диссертациянын жалпы тексти 281 бетти түзүп, 23 таблица, 13 сүрөттү камтыйт.

## ИШТИН ЖАЛПЫ МАЗМУНУ

**Киришүүдө** диссертациялык иштин актуалдуулугу, максаты жана милдеттери, илимий жаңылыгы, практикалык жана экономикалык мааниси, коргоого коюлган негизги илимий жоболор жана алардын апробациясы берилген.

**«Экономикалык трансформация мезгилиндеги жашоо сапатынын теориялык негиздери»** аттуу биринчи бапта коомдук жыргалчылык; трансформация шарттарында калктын жашоо сапатынын калыптанышына таасир эткен факторлор сыяктуу критерийлерди түшүнүүгө багытталган концептуалдык ыкмаларкаралат.

Жашоо сапатынын концепциясынын эволюциясы өзүнүн өнүгүшүндө төмөнкүдөй этаптардан өткөн:

1. Баштапкы этап (1955-1965 - ж.) «жашоо сапаты» деген жаңы түшүнүктүн жаралышы менен мүнөздөлөт, ага синонимдик маани катары «жашоо образы» жана «жашоо стили» деген сөздөр шайлоо кампанияларында пропагандалык максатта колдонулуп, экономикалык көрсөткүчтөр менен өлчөнөт.

2. Экинчи этапта(1966-1970 - ж.) жашоо сапаты түшүнүгүн иликтөө боюнча психологиялык, футурологиялык жана индикативдик деп аталган үч ыкма бөлүнүп көрсөтүлгөн. Натыйжада, сандык көрсөткүчтөр сапат жагынан өсө баштайт.

3. Үчүнчү этап (1971-1992 - ж.) – «глобалдык моделдештирүү» жана «субъективдүү жашоо сапаты» деген эки негизги багыттын өнүгүшүнүн башталышы болуп саналат.

4. Төртүнчү этап (1992 - жылдан азыркы мезгилге чейин) – туруктуу өнүгүүгө негизделген жашоо сапатынын концепциясынын калыптанышы мезгили, б.а., адамдын тиешелүү талаптары жөндүү болуусу керек.

Ошентип, жашоо сапатынын концепциясынын өнүгүш этабында изилдөө объектисинин белгилүү бир маселелери чечилген, ошого байланыштуу ар кандай теориялык ыкмалар иштелип чыгып, «жашоо

сапаты» түшүнүгү кеңейип, илимий статуска ээ болуп, натыйжада жашоо сапаты боюнча концепциянын кийинки калыптанышына шарт түзүлгөн.

Төмөндө коомдук жыргалчылыктын негизги илимий коцепцияларынын систематизациясы сунушталат (табл. 1 караңыз):

Таблица 1 – **Коомдук жыргалчылыктын негизги концепциялары**

| №п/п | Концепциянын аталышы | Негиз салуучулар | Концепциянын маңызы |
|---|---|---|---|
| 1. | Экономикалык | А. Пигу | Жалпы жыргалчылыкты улуттук киреше аркылуу камсыздоо мүмкүнчүлүгүн негиздеген. |
| 2. | Тең салмактуу | В. Парето | Эгер индивид өзүнүн абалын жакшыртуу менен башка бирөөнүн абалына залал келтирбесе, анда коомдук жыргалчылык өркүндөйт, демек бир индивиддин болсо да абалы жакшыруу менен экинчисиники начаралбаса, анда ал оптималдуу болуп саналат. |
| 3. | Институттук | Дж. Гэлбрейт | Мамлекеттин кандай гана ишмердүүлүгү болбосун коомдук абалдын жакшыруусуна баыгтталган, ошондуктан мамлекеттик жөнгө салууну күчөтүү зарыл. |
| 4. | Индивидуалдыкжыргалчылык | А. Сен | Жалпы жыргалчылык адамды кырчап турган нерселерге көз каранды эмес, ал адамдын өзүнүн абалына жана ошол нерселерди башкара билүү мүмкүнчүлүгүнө жараша болот. |
| 5. | Коомдук пайдалуулук | А. Сен | Жашоо-турмушту эркиндкти тандоо жакшыртат. Коомдогу индивидуалдык каалоолорду агрегаттоонун бири-бирине карама-каршы келбеген механизмин жараткан. |
| 6. | Субъективдик | И. Бентам | Жашоо-турмуштун сапатынын чыныгы мааниси индивиддин конкреттүү эмоциялык абалынан, жашоонун материалдык шарттарынан ж.б. турган субъективдүү дүйнө таанымы менен шартталат. |

Булак: автор тарабынан түзүлгөн

Жашоо сапаты категориясынын илимий концепцияларын жана ыкмаларын системага салуу менен диссертантка аталган категорияны төмөндөгүдөй тактоого мүмкүнчүлүк түзүлдү. «Жашоо сапаты – бул руханий жактан бай адамдын физиологиялык, моралдык, материалдык жана социалдык муктаждык денгээлдеринен турган синтетикалык социалдык-экономикалык категория. Ал ичине адамдын

өзүнүнкызыкчылыктарын ишке ашыруу эркиндигин же курчап турган чөйрө менен гармонияда болгон, ар кандай мүнөздөгү факторлордун таасири тийген жашоо-турмуштагы бардык муктаждыктарды камтып турат».

Ошону менен бирге «жашоо сапаты» категориясы экономикалык, социалдык, руханий жана психофизиологиялык деген төрт аспектинин чегинде каралууга тийиш. Анткени жашоо сапаты – бул, биринчиден, мүмкүн болгон муктаждыктардын структурасы жана алардын ишке ашуу мүмкүнчүлүгү жана деңгээли.

Ошондой болсо да, биздин пикирбиз боюнча, экономикалык муктаждыктар же материалдык жетиштүүлүктүн деңгээли калктын жашоо сапатынын маанилүү фактору болсо да, ошол эле учурда калктын руханий муктаждыгы да өзгөчө орунда турат. Методологиялык планда руханийлик жашоо сапатынын маанилүү бөлүгүн түзүп, адамдын жашоо маңызы жана жогорку идеалы пайда болот, ал эми анын ишмердүүлүгү адеп-ахлактык мазмун менен толтурулат. Ошону менен бирге, дал ошол руханийлик адамдын индивидуалдуулугун аныктайт, ички тең салмактуулуктагы абалды берет, айлана-чөйрө менен гармонияга келишине көмөктөшөт, жүйөлүү ойлорго алып келет жана акыл жөндөмдүүлүгүн жакшыртат.

Өнүгүүнүн тарыхы көрсөткөндөй, социалдык-маданий кризистин башталышында руханийлик жоголуп, өздөштүрүлгөн институттук формалар дээрлик иштебей калат, ал эми экономиканы жана социалдык турмушту жөнгө салган рыноктук механизмдер ийгиликсиз болуп, улуттун маданий иденттүүлүгү коомдо көйгөй боюнча кала берет.

Ошентсе да, биздин көз карашыбыз боюнча, адамдын же коомдун руханийлигин, руханий талаптардын же инсандын калыптанышы үчүн керек болгон экономика, билим берүү, илим, маданият, искусство жана дин тармактарында интеллектуалдык ишмердүүлүктүн натыйжасында жаралган жакшы шарттардын болушу менен өлчөнөт.Ошондуктан мындай көрсөткүчтөргө жалпы пайдалануучу китепкананы колдонуучулардын, театр көрүүчүлөрдүн, музейлерге, кинсеанстарга, цирк, зоопарктарга баргандардын, диний уюмдарда катталгандардын саны ж.б. кирет.

Бирок руханийликтин карама-каршысы «руханийсиздик» да бар. Ал индивиддин же коомчулуктун башкы максаты жана баалуулугу жетишпегендиктен улам пайда болуп, арам, бейсоциалдык, примитивдик-физиологиялык муктаждыктар аркылуу байкалат. Ошондуктан руханийсиздикти мүнөздөгөн көрсөткүчтөрдү негизги катталган кылмыштар, суицид, алкоголизм, алкоголдук психоз, наркомания, жыныстык жол аркылуу жуккан инфекциялык оорулар, СПИД түзөт.

Биздин көз карашыбыз боюнча, руханийликти аныктаган формула төмөнкүдөй болушу керек:

$$I_{\text{р}} = \frac{\sqrt{\sum \text{РПК}}}{\sqrt{\sum \text{РНК}}} \qquad (1)^{1}$$

$I_р$ – руханийликтин көрсөкүчү;

$\sum$РПК – руханийликтин позитивдүү көрсөткүчтөрүнүнсуммасы: бир жыл ичинде жалпы пайдалануучу китепканаларды колдонуучулардын саны, бир жыл ичинде театр көрүүчүлөрдүн саны; бир жыл ичинде музейге баргандардын саны; бир жыл ичинде киносеанстарга баргандардын саны; бир жыл ичинде цирк, зоопарктарга баргандардынсаны; диний уюмдардын саны.

$\sum$РНК – руханийликтин негативдүү көрсөткүчтөрүнүн суммасы: бир жыл ичиндекатталган кылмыштардын саны; бир жыл ичиндеги суициддин саны; бир жыл ичинде алкоголизм жана алкоголдук психоз ооруларынын саны; бир жыл ичиндеги наркомандардын саны; жыныс аркылуу жуккан оорулардын саны; СПИД менен ооругандардын саны.

Жашоо сапаты маселеси өткөн кылымдын 60 - жылдарынан баштап, негизинен, эки багытта каралып келет: адамдын материалдык жыргалчылыкка б.а., жашоо сапатынын сандык жагына умтулуусуна негизделген объективисттик мамиле; жашоого канааттануу деңгээлин субъект өзү тандайт деген көз караш менен популярдуу болгон субъективисттик мамиле. Бирок субъективисттер башында «жашоо сапаты» индивиддин өзүнүн муктаждыктарын, жыргалчылыгын жана бактылуулугун баалоосу болуп саналат деген пикирде болушкан.

Бирокбул багыт боюнча А. Кэмпбелл, Ф. Конверс жана У.Роджерстердин изилдөөлөрү жогорудагы пикирди жокко чыгарат. Алардын көз карашы боюнча, бакыт - бул алды менен эмоция болуп саналат, ал эми канааттануу сезими таанып билүү процессине кирет.

Биздин пикирибиз боюнча, жашоо сапаты адамдын объективдүү жана субъективдүү түшүнүктөрүнө көз каранды болгондуктан, адам өзүнүн жашоо сапатына канаттануу жолу аркылуу баа бере алат.

Демек, **жашоого канааттануу** – индивиддин өзүнүн жашоо сапатынын стандарттарына берген баасынын жалпыланган динамикалык көрсөткүчү.

Ал эми жашоо сапатына канааттанууну - өзүнүн жеке канааттаануусу жалпы коомдук канааттанууга болгон мамиле катары кароону сунуштайбыз.

Жашоо сапатын индивидуалдык жана жалпы деген эки түргө ажыратууга болот.

Мында жашоонун индивидуалдык сапаты эки эффектиге көз каранды: 1) умтулуу эффектиси жана 2) салыштырмалуу эффектиси.

**Умтулуу эффектиси** индивид өзүнүн квалификациясын жогорулатканда, өндүрүштү кеңейткенде жана жашоо сапатынын деңгээлин жогорулатуу үчүн дайыма өнүгүү жолунда болгондо пайда болот.

Бирок, «жашоо сапатынын максимумдук чекитине» жеткенде адам жетишкен ийгиликтери менен канааттанып, «жайдары болуп» калат. Башкача айтканда, ушул учурда салыштырмалуулук эфектиси башталат. Бул эффектинин табияты боюнча, индивид «жашоо сапатынын

[1]Булак: автор тарабынан түзүлгөн

максимумдук чекитинде» калып калам деген ойдо болот да, өзүнүн материалдык жана руханийлик жактан дагы өркүндөөгө аракет кылбайт, бирок жашоо сапаты убакыттын кыймылына жараша өзгөрөт.

Демек, индивид өзүнүн «жашоо сапатынын максимумдук чекитинде» калуу менен максимумдун реалдуу деңгээлинде салыштырмалуу төмөндөйт, натыйжада анын жашоо сапаты да начарлайт. Биздин көз карашыбызды төмөндөгү 1- сүрөттө келтирдик




1 сүр. – Жашоо-турмуш сапатынын индивидуалдуу жогорулашынын концепциясы
Булак: автор тарабынан түзүлгөн

Коомдун «жашоо сапатынын максимуму» вертикалы «жашоо сапатынын чекитинин» жыйындысын түзөт жана дайыма чексиздикке умутулат, анткени керектөөнү өркүндөө мыйзамы иштейт.

Ийри индивидуалдуу «жашоо сапатынын максимумуна» эки эффект таасир этет – умтулуу эффектиси жана салыштармалуулук эффектиси.

Ордината огу коомдун жашоо сапатынын деңгээлин (y) чагылдырса, абсцисс (x) огу жашоо сапатынын факторлорун адамзат цивилизациясынын деңгээли боюнчачагылдырат (ОА кесиндиси).

Биздин пикирибиз боюнча, индивиддин жашоо сапатын дайыма жогорулатуу үчүн керектөөнүн жаңы тиешелүү муктаждыктарына жетишүү керек, б.а, төмөнкү керектөөлөрдү канааттандыруу менен, адам жогорку канааттанууга умтулат, ушуга байланыштуу «жашоо сапатынын максимумунун» индивидуалдуу ийри сызыгы жогору көтөрүлөт.

Ошентип, биздин пикирибиз боюнча, **жашоо сапатынын индивидуалдык жогорулоо концепциясы** ушундай болушу керек.

Трансформациялык процесстердин калктын жашоо сапатына тийгизген таасирин анализдөө менен өткөөл экономикасы бар өлкөлөрдөгү жашоо сапатынын калыптанышынын негизги факторлорун аныктап алууга мүмкүн болду. Алар: киреше – материалдык жана руханий керектөөлөрдү канааттандыруу булагы катары; адекваттуу турак-жайдын болушу – адамдын башка эч нерсе менен ордун толтурууга мүмкүн болбогоннегизги керектөөлөрүнүн бири; калктын белгилүү бир тобунун эмгек миграциясы – трансформациялык мезгилде үстөмдүк кылган жашоо сапатын жакшыртуунун негизги шарты катары келет.

1. Киреше, жашоо деңгээлинин башка социалдык-экономикалык көрсөткүчтөрү сыяктуу эле бардык шарттардын жана коомчулуктун ишмердүүлүгүнүн натыйжаларынын таасирин чагылдыруу өзгөчөлүгүнө ээ, ошондой эле калктын физикалык, руханий жана социалдык муктаждыктарынын канааттануу деңгээлин көрсөтө алат.

Биздин пикирибиз боюнча, калктын кирешесинин төмөндөшү менен адам турмушундагы ден соолук, билим берүү, эмгек ишмердүүлүгү, үй бүлөдөгү коллективдеги жана коомдогу мамиле сыяктуу бардык чөйрөлөр өзгөрүүгө учурайт, руханийлик начарлайт, жагдай өзгөрүлбөсө да алар кийинки муунга өтө берет.

Адамдын акчалай кирешесинин саны, жалпысынан, анын жашоо үчүн керектөөлөргө канааттануу эркиндигин, ошондой эле коомдогу статусун жана абалын мүнөздөйт.

Базар экономикасынын мезгилинде калктын тапкан кирешеси керектөөчүлүктүн тибин, топтолгон мүлктүн өлчөмүн, анын ичинде турак-жайды аныктай алат.

2. Адекватттуу турак-жайдын болушу, анын сандык жана сапаттык мүнөзү адамдын жашоо сапатын өзгөртөт, бирок ошол эле учурда анын болушу жана тиешелүү саны жашоо сапатынын жакшырышын билдирбейт. Белгилүү болгондой, турак-жай менен камсыз болуунун жогорку деңгээли адамзаттын негизги максаттарынын бири болуу менен бирге адам потенциалынын өнүгүшүнүн шарты болуп саналат. Кандай гана адам болбосун жакшы жашоо шарты болбосо, жакшы жашоо образын өткөрө албайт, ошону менен бирге тиешелүү деңгээлде иштебейт жана максатына жетпейт. Турак-жай менен камсыз болуу - төмөнкү катардагы керектөөлөрдүн бири болбостон, коопсуздукта керектөөгө жетүү болуп саналат.

3. Эмгек миграциясы калктын жашоо сапатын жогорулатууда жана жалпы эле өлкөнүн экономикасынын өнүгүшүндө маанилүү орунду ээлейт.

Көпчүлүк өлкөлөрдө жергиликтүү үй чарбачылыгы жана өндүрүлгөн улуттук продуктылар өзүнүн өлкөсүнөн сырткары жерде иштеген жана жашаган мигранттардын кирешесине көз каранды болот. Ошону менен бирге чет өлкөдө иштөө менен эмгек тажрыйбасын жана ыкмаларын топтоп, транс чек аралык сооданы жана инвестициялык байланыштарды жөнгө салса, мигранттарды кабыл алган тарап өзүнүн экономикалык

өсүшүн жана жашоо стандартынын өсүү темпинде алардын эмгегин пайдаланат.

Көптөгөн жарды өлкөлөр сырткы кирешелердин башкы ресурстарын калыптандыруу менен өткөөл мезгилине байланышкан экономикалык жана сиоциалдык баш аламандыктын таасиринен коргонуу үчүн өзүнчө бир «жаздыктын» ролун аткарышат.

Миграциянын чоң агымы өлкөнүн турмуш шартына өзүнүн коррективаларын киргизет. Мисалы, калктын жалпы саны өзгөрөт, эмгектин ички рыногун кыскартат, жумушсуздукту азайтат, акча которуулардын негизинде каржылык жагдайды өзгөртөт, билим берүү системасына коррективаларды киргизет. Алсак, чет элде талап кылынган адистерди окутууда мамлекеттин нормативдик - укуктук базасы эл аралык деңгээле туура келиши керек.

Мигранттардын акча которуулары үй чарбачылыгындагы жардылыкты кыскартууга өбөлгө болот. Дүйнөлүк банктын сурамжылоосу боюнча, акчалай которуулар абдан жарды квинтилге кирген үй чарбачылыгынын 20% чыгашасын жабат экен.

Мигранттар өз өлкөсүнө кайтып келүү менен өзүнүн жеке ишин ачуу максатында тиешелүү машиналарды жана жабдыктарды алып келишет. Ошондуктан көптөгөн донор өлкөлөрдүн жетекчилери мындай алып келүүлөрдү кубаттап, бажылык төлөмдөрдө төмөндөтүп берет.

Чет өлкөдө табылган кирешени мигранаттар өзүнүн өлкөсүнүн приоритеттеринин иерархиясына ылайык колдонот.

Биринчиден, мигранттардын көпчүлүк бөлүгү (¾) өз жерине келгенде турак-жай сатып алышып, турмуш абалы жана социалдык статусу жогорулайт; экинчиден, тапкан акчасы мал сатып алууга, тамак-ашка же күнүмдүк керектөөлөргө кетет. Үчүнчүдөн, жеке фермердик чарба жүргүзүү же капитал чогултуу максатында жер алышат, анткени жерге болгон баа убакыттын өтүшү менен дайыма өсүп турат, ошондой алардын акчасы жеке бизнеске да салынат.

Мигранттар таап келген акча каражаттарын бөлүштүрүүнүн структурасында маанилүү приоритет болуп жашоо сапатын түзгөн билим берүү саналат.

Миграция боюнча изилдөөлөр көрсөткөндөй, мигранттар өз өлкөсүнө кайтып келүү менен, банк аркылуу которулган акча каражатындай эле сумманы алып келишет. Ошондуктан жумушчу күчүн сунуштаган өлкө мигранттардын акча которууларынан өзүнүн улуттук кирешесине эки эсе көп сумма алышат.

БУУнун берген маалыматы боюнча, 2015 - жылдын декабрында дүйнөдө Кыргызстан акча которуу көлөмү боюнча Тажикстандан кийинки экинчи орунда турат. Кыргыз мигранттарынын акча которуу өлчөмү өлкөнүн ИДПда 32%ды түзөт.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн пресс-кызматынын маалыматы боюнча мигрантар 2015 - жылдын январь-ноябрь айларында Кыргызстанга 1,42 миллиард доллар, т.а., 2014 - жылга салыштырмалуу

26,7% га аз которгон. Бул жерден эң көп каржылык каражаттардын агымы Россия Федерациясына таандык.

**«Жашоо-турмуш сапатынын трансформация шарттарындагы методологиялык негиздери»** аттуу экинчи баптажашоо сапатынын индикаторлору каралган, ошондой эле калктын жашоо сапатын аныктоодогу методологиялык ыкмалар талдоого алынат.

Азыркы мезгилде экономика илимдеринин эң жүйөлүү маселелеринин бири − калктын жашоо сапатын баалаган методологияны жана методиканы иштеп чыгуу болуп саналат. Анткени жашоо сапаты ар кандай, кээде татаал, ар өнүгүү этабына жараша дайыма өзгөрүп турган социалдык-экономикалык компоненттерден турат.

Дүйнөлүк практикада көпчүлүк учурда жашоо сапатын баалодо объективистик методология колдонулат, ал жашоо сапатын тиричиликтеги кирешелердин жана керектөөлөрдүн деңгээли, жумушсуздук, кылмышкерлик ж.б. сыяктуу объективдүү шарттар, параметрлер жана көрсөткүчтөрдүн жардамы менен аныктайт. Демек, илимде жашоо сапатынын сандык параметрлери үстөмдүк кылат.

Жашоо сапатын сандык мүнөзүн аныктаган биринчи методикалардын бири жашоо деңгээлинин концепциясы болуп саналат. 1961 - жылы БУУнун берген маалыматы боюнча, ал төмөнкүдөй түшүнүктөрдү жана көрсөткүчтөрдү камтып турат: тамак-аш азыктарын керектөө; билим берүү; кийим-кечек; эс алуу жана бош убакыт, адам укугу.

Өткөн кылымдын 70 - жылдарында жашоонун негизги деңгээли жана анын структуралары катары эмгектин сапаты каралган. Ушуга байланыштуу жашоо сапаты боюнча швед окумуштуусу С. Юханссон тарабынан концепция сунушталган. Ал концепцияда адамдын эмгегин жана ишмердигин мүнөздөгөн көрсөткүчтөрдөн тышкары өлкөнүн саясий механизмдери жана алардын социалдык саясат аркылуу калың катмарга тийгизген таасири эске алынып, адамдын өз мүмкүнчүлүктөрүн кандай пайдаланары белгиленет. Бирок адамдын керектөөлөрүн кантип канааттандыруу керек экендиги эсепке алынган эмес.

90 - жылдардын башында БУУнун Социалдык өнүктүрүү институту тарабынан өнүгүүнүн 16 социалдык, экономикалык жана саясий факторлорду жана адамдын муктаждыгын камтып турган комплекстик индекси иштелип чыккан. Бирок бул индекс калктын жетиштүү жашоо деңгээлин, саламаттыгын, билим деңгээлин камтыбагандыктан сынга алынып, натыйжада кеңири тараган эмес.

Экономикалык кызматташтык жана өнүгүү уюму (ЭКӨУ) мурунку индекстердин методикасына берилген сын көз карашты эске алуу менен социалдык индикаторлордун тизмесин иштеп чыккан, алардын ичинде социалдык жактан эң маанилүүсү саламаттык, билим берүү, жумуш, бош убакыт, эс алуу; социалдык чөйрө, индивидуалдык коопсуздук. Бирок бул индикаторордун тизмеси объективдүү болуп, индивиддин мүмкүнчүлүгүн белгилеп, ошол эле учурда аны кандай колдонуу, аны менен канааттануу керек экендигин көрсөтөт.

Азыркы мезгилдебатыш өлкөлөрүнүн изилдөөлөрүндө «сезилген жашоо сапаты» методу өзгөчө орунда туруп, ал мындай түшүндүрүлөт: материалдык жактан жетиштүү жашаган адамдар дайым эле жашшосуна канааттана бербейт, ошондой эле төмөнкү шартта жашаган адамдар өзүнүн жашоосуна ыраазы болот.

Демек, субъективдик жыргалчылык түздөн-түз адамдын ден соолугуна жана ички дүйнөсүнө таасир этип, адам турмушундагы ар кандай жагдайлардагы бир катары сезимдерди камтыйт. Ошону менен бирге, жашоо сапаты адам менен айлана-чөйрөнүн өз ара карым-катышынан турат., б.а, керектөөлөргө канааттануу күтүлгөн үмүттөргө дал келиши керек.

Адамзат жашоосунда эң маанилүү канааттангандык – ден соолук, андан кийин жумуш, финансылык абал, үйлөнүү, үй бүлөлүк абал, билим алуу мүмкунчүлүгү, өзүн- өзү өстүрүү, өзүн баалоосу ж.б.

Келечекти тандоододогу аксиологиялык проблема катры ийгиликтин критерийлеринин сапаттык маселеси өзгөчө мааниге ээ, ал жашоо сапаты жана адамдын өнүгүү мүмкунчүлүктөрү менен байланышат.

Маданият, коомдун баалуулук системасы экономикалык ийгиликтин мыйзам ченемдүү фактору болуп саналат, ал эми экономикалык ийгиликтин негизи, биздин пикирибиз боюнча булл - адам потенциалы. Аны баалоодо социалдык, экономикалык, психологиялык, этикалык мүнөздү камтыган өмүр узундугу, билим берүү, калктын саламаттыгы ж.б көрсөткүчтөрдүн бүтүндөй системасы колдонулат.

Жашоо сапатын изилдөөдө диссертант тарабынан популярдуулук системалык мүнөзгө ээ. Анда каралып жаткан категория ар кандай көптөгөн өз ара байланыштагы бөлүктөрдөн турат, алар өзгөргөндө бүтүндөй система алмашат. Ошондуктан, жашоо сапатынын системасын изилдөө үчүн жашоонун бардык чөйрөсүн изилдөө керек, анткени алар дайыма өз ара карым-катышта келип, индивиддин керектөөлөрүнүн жеке структурасына ээ. Алсак, жашоонун табигый - физиологиялык чөйрөсү бул – физиологилялык керектөөлөрдүн канааттануу процесси, ал эми социалдык жактан – социалдык керектөөлөр менен канаттануу, ал коомдогу адамдардын карым-катышында көрүнөт; жашоонун маданий чөйрөсү - руханий жана маданий керектөөлөрдүн ишке ашуу процесси.

Жашоо сапатынын системасын ден соолук, билим берүү, айлан-чөйрө ж.б. сапаттыр түзөт, жана булардын кайсынысына болсо да өзгөрүү болсо комплекстүү түрдө дароо бардыгына таасир этет, бирок ар кандай деңгээлде болот.

Биздин пикирибиз боюнча, калктын жашоо сапаты орточо индикатор менен өлчөнөт, бирок жашоо сапатынын параметрлери мезгилге жараша өзгөрүү жөндөмүнө ээ болгондуктан, рыноктук кайра калыбына келүү мезгилинде жашоо сапаты төмөнкүдөй өз ара карым - катыштагы компоненттерден турат: саламаттыктын деңгээли, жашоонун деңгээли, жашоо образы, жашоо шарттары, мамлекеттик башкаруунун

эффективдүүлүгү, социалдык инфраструктуранын жана коопсуздуктун өнүгүшү.

Жашоо сапатын аныктоо боюнча, ар кандай методологияларды терең анализге алуу менен биз өзүбүздүн классификациябызды сунуштайбыз (караныз сүр. 2).

Белгилей кетсек, бир жагынан жашоо сапаты адамдардын керектөөлөрүн канааттандырган сапаттык жагын мүнөздөйт, ал тамак-аштын сапаты, турак-жайдын ыңгайлуулугу, саламаттыкты сактоо, билим берүү жана курчап турган чөйрө, турмуштук кызматтардын чөйрөсү, эс алуу мүмкүнчүлүгү, чыгармачылык эмгек ж.б. менен шартталат.

Экинчи жагынан, ал адамдын жеке жашоосундагы канааттангандыкты чагылдырат, аны адам өзү гана баалай алат, анткени керектөөлөр жана кызыкчылыктар индивидуалдуу мүнөзгө ээ, бирок калктын толук жашоо сапаты мамлекеттин кийлигишүүсү менен гана мүмкүн болот.

Азыркы мезгилде жашоо сапатын баалоо боюнча изилдөөлөрдө методиканын эки түрү колдонулат: жашоо сапатынын социалдык - ндикатордук жана интегралдык индекстеринин системасы.

Биринчиси коомдогу турмуш-тиричиликтин бир тарабын түзгөн жыргалчылыкты аныктоого мүмкүн болгон көрсөткүчтөрдүн тизмесинен турат.

Методиканны экинчи түрү – жашоо сапатынын Интегралдык индекси агреривдик көрсөткүчкө ээ, ал көрсөткүч эл аралык уюмдар тарабынан өлкөнүн өнүгүшүндөгү жашоонун сапатын жана деңгээлин салыштырууда колдонулат.

Социалдык индикаторлор бүт өлкөлөрдө колдонулуп, дайыма жакшыртылып, толукталып турат. Ошондой эле, калктын жашоо сапатын дайыма туруктуу түрдө БУУ, Саламаттыкты сактоонун дүйнөлүк уюму, Дүйнөлүк банк, ЮНЕСКО, International Society for Quality-of-Life Studies, Social Indicators Research Centre, популярдуу болгон көп сандаган ММК жана илимий басылмалар өткөрүп турат, бирок белгилей кетсек, бул аталган уюмдар ар кандай методиканы колдонот.

1990 - жылы БУУнун адистери тарабынан иштелип чыккан Эл аралык салыштырууда жашоо сапатынын популярдуу индекстеринин бири - «Адам потенциалынын өнүгүшүнүн индекси» (АӨПИ, Human Development Index). Бул индекс адамдын өнүгүшүндөгү үч негизги көрсөткүчтөрдүн жетишкендиктерин чагылдырат: узак жашоо мүмкүнчүлүгү, били алуу мүмкүнчүлүгү, адекваттуу жашоо деңгээлине ээ болуу мүмкүнчүлүгү.

Индекстин өзгөчөлүгү - жаралган жагдайга жараша адам өнүгүшүнүн көрсөткүчтөрүнүн оптималдуу мааниси жана анын мезгил агымында өзгөрүүсү болуп саналат. Узак жашоо, билимдүүлүк жана жашоо деңгээлинин индекстерин салыштыруу менен ар кандай шарттарда тиешелүү програмалардын приоритеттүүлүгүн тактоого мүмкүнчүлүк түзүлөт.




2 сүр. – Калктын жашоо сапатынын структурасынын классификациясы

Булак: автор тарабынан түзүлгөн

Биздин пикирибиз боюнча, АӨПИ адам өнүгүшүн мүнөздөгөндүктөн, анын көрсөткүчтөрү адамдын өнүгүшү же ага өбөлгө болгон көрүнүштөрдү белгилөөсү зарыл. Мындай көрсөткүчтөрдүн бири экономикалык трансформация мезгилинде адекватту турак-жай менен камсыз болуу саналат.

Ошондуктан турак-жайдын жетиштүүлүгүн баалоо калктын турак-жай менен камсыздыгынын индексин көрсөтөт. Натыйжада орточо геометриялык комфорттуулук коэффиценти ($K_K$) мамлекеттин турак-жай менен камсыздоосунун $\overline{TK}$ орточо өлчөмүнө ылайык түзүлөт. БУУ тарабынан кабыл алынган минималдуу квадраттыка метрлердин сандык стандарты азыркы мезгилде 30 $м^2$ түзөт:

$$I_{TK} = \sqrt{K_k * \frac{\overline{TK}}{30}} \qquad (2)^1$$

Өз кезегинде, турак-жай менен камсыз болуу, жашоо сапатынын чегинде алганда, оптималдуу түрдө өлкөнү өзүнүн өнүгүшү боюнча айырмалоого болот, ошону менен бирге алардын ортосунда ажырым болбойт. Сунушталган индекс эсептегенде да абдан жөнөкөй.

Ошондуктан, жогорудагыларды эске алуу менен, биз АӨПИнин эсептөө методикасын өркүндөтүүнү сунуштайбыз. Анткени, үч негизги көрсөткүчтөрдөн тышкары төртүнчү көрсөткүчтү – калкты адекваттуу турак-жай менен камсыз кылууну кошуу керек.

1996-жылы Р. Веенховен тарабынан «Күтүлгөн бактылуу жашоонун индекси» иштелип чыккан. Анда индивиддин психологиялык абалы эске алынып, жашоодогу жыргалчылык менен канаттануунун ортосундагы карым-катыш байланыштырылат. Аталган метод жашоо узактыгынын санын камтыган бакыт индекси тандалма сурамжылоо менен аныкталган.

Ошондой эле бакыт индекси он баллдык шкала менен эсептелген. Бул методика дүйнөнүн 48 өлкөсүндө колдонулуп, кызыктуу маалыматтарды берген.

Ошентип, субъективдик баалоо боюнча, өнүккөн өлкөлөрдө жогорку деңгээлдеги киреше алуунун натыйжасында элдер жашоого канааттануу менен мамиле кылышат. Бирок, бул методика экологиялык, экономикалык жана сиоциалдык факторлордун таасирин эске алган эмес. Ошентсе да, мындай парадокс жаралат: материалдык жактан толук канааттануу жана социалдык коргоо болгондо, жашоо сапатында дисбаланс башталат.

Бакытты сезүүдө жеке адамдын бактысы менен адамдарын тобунун бактысын бириктирүүгө болбойт. Бул жашоо сапатанын критерийлерин

[1]Булак: автор тарабынан түзүлгөн

жана эталонун тандоодо жашоонун мыйзам ченемдүүлүктөрүнүн реалдуу чагылышы болуп саналат.

Жогоруда айтылгандары жалпылап белгилей кетсек, калктын жашоо сапатына адекваттуу интегралдык баа берүү үчүн адамдын жашоосундагы бардык жактарын эске алуу керек, антпесе жашоо сапатынын баасы ассиметриялык мүнөзгө ээ болот. Ошондуктан диссертант тарабынан калктын жашоо сапаты боюнча субъективдик факторлорду жалпылаган жеке баасы сунушталат. Бул сунуштаган классификациянын негизинде (караңыз сүр. 2.) бардык көрсөткүчтөр эске алынып, саламаттык, жашоо деңггэли,жашоо шарттары, жашоо образы, социалдык инфраструктура, коопсуздук, мамлекеттик башкаруу, коррупциянын таасири камтылат. Натыйжада, ар бир блокту орточо баалоодо респонденттин жашоо сапатына канааттангандыгынын көрсөткүчү эсептелип, сунушталган градация боюнча баа берилет.

Жалпы калктын жашоо сапатын мүнөздөгөн, коомдун социалдык-экономикалык өнүгүшүн жана улуттук коопсуздуктун өнүгүшүндө саламаттык маанилүү жыргалчылык болуп саналат.

Начарлаган ден соолуктун кайра калыбына келтирүүдө бир топ чыгымдарга, ошондой эле экономикалык жоготууларга алып келет. Ден соолук адамдын бардык керектөөлөрүнүн ичинен негизги булак болуп саналат. Ал адамдын миграциялык жүрүм-турумуна, жашоо образына, мүнөзүнө, карьерасына, каалоолоруна ж.б. таасир этет. Ошол эле учурда ден соолук социалдык-экономикалык факторлорго түздөн-түз көз каранды болот.

Адамдын ден соолугуна таасир эткен бардык факторлорду санасак, анда калктын жашоо сапатынын структурасы боюнча биз сунуштаган классификацияга кайрылабыз (2-сүр. караңыз).

Демек, ден соолук менени жашоо сапатынын ортосунда тыгыз байлаынш бар, ошондуктан ден сооолук жашоо сапатынын негиз салуучу факторлорунун бири болуп саналат.

СДУдун аныктамасы боюнча, ден соолук – адамдын физиологиялык, психологиялык жана социалдык жыргалчылыгына байланышкан позитивдик абалы болуп саналат.

Белгилей кетсек, бул аныктама сапаттык жагынан туюндурулган жана абдан жалпыланган мүнөзгө ээ болуп калаган. Жогруда айтылган моменттер камтылбай калган, алсак, ден соолук адм менен катар эле өнүгүү жана өзгөрүү мүмкүнчүлүгүнө ээ.

Биздин пикирибиз боюнча, ден соолук – адам организминин мезгилдик жана мейкиндикте өзгөрө алган (адаптация болгон) физикалык, психологиялык жана социалдык абалы, кийинки муунга берилет, жашоо образын тандоо эркиндигине мүмкүнчүлүк берет, толук жыйындысы менен максималдуу жашоо узактыгындаэкономикалык жана социалдык, руханий жыргалычылыкка алып келет.

**«Кыргызстандын экономикасынын өнүгүүсүнүн азыркы этабында жашоо сапатынын калыптанышынын мыйзам**

**ченемдүүлүгү, тенденциялары жана өзгөчөлүктөрү**» аттуу үчүнчү бап республикадагы калктын жашоо сапатынын системалык-маалыматтык ыкмаларына негизделген, азыркы мезгилде жашоо сапатына мүнөздөмө берүүгө мүмкүнчүлүк түзгөн негизги тенденцияларын талдоого жана ошондой эле анын экономикалык трансформация мезгилинде калыптаныш мыйзам ченемдүүлүктөрүнө арналган.

Рынокко өтүү менен мамлекеттин турак-жай саясаты, башка маселелер сыяктуу эле бир топ өзгөрдү. Турак-жай коммуналдык комплекстерди бюджеттен каржылоо кескин кыскарды, калктын кирешеси төмөндөдү, элдин топогон мүлктөрүнүн баасы ылдыйлады, мамлекет тарабынан берилген социалдык маниси бар кызматтар жоюлду. Ошондуктан жаңы шартта турак-жайды жакшыртуу республикадагы көпчүлүк калктын чечилбеген маселесине айланды.

Расмий статистиканын маалыматтары боюнча, республикада турак-жай менен камсыз болуунун орточо эсеби 2015 - жылы бир адамга 13$м^2$ түзсө, 1990 - жылы 12$м^2$ түзгөн, тилекке карыш БУУ тарабынын кабыл алынган минималдуу стандарттан 2,3 эсе төмөн турат (караңыз. сүр. 3).

Салыштыруу үчүн, Федералдык агентствоунун берген маалыматтары боюнча, курулуш жана турак-жай коммуналдык чарбачылыгы боюнча нормага ылайык бир адамга жалпы аянттан 18 $м^2$ туура келет, орточо эсеп менен бир россиялыкка 20,7 $м^2$ турак-жай аянтчасы туура келет, Казахстанда бул көрсөткүч 18,1 $м^2$ түзсө, Украинада - 22 $м^2$, Литвада - 23 $м^2$.




3 сүр. – Дүйнөдөгү кээ бир өлкөлөрдөгү калктын өкүлдөрүнө туура келген турак-жай аянтчаларынын квадраттык метрдик саны

Булак: Европ жана Америка өлкөлөрдөгү калктын өкүлдөрүнө туура келген турак-жай аянтчаларынын квадраттык метрдик саны. – https://rusnk.ru/news/housing/foreign/#.

Эл аралык нормаларга ылайык, мамлекетте турак-жайды куруунун жылдык фонду бир адамга 1 $м^2$ түзүүсү зарыл. Ошондуктан Кыргызстанда турак-жайды куруунун жылдык фондунун көлөмү азыркы күндө 6 млн. $м^2$, же 6 эсе көп болушу керек.

Республикада электр энергиясы республиканын бардык аймактарын камтыган жалгыз коммуналдык кызмат болуп саналат.

Газ түтүктөрүнө үй чарбачылыгынын бештен бир бөлүгү гана жетишкен, алардын ичинен 46,8% шаардыктар жана 5,3% айыл чарбачылыгы. Борбордук жылуу берүү системасы менен 2015 - жылы шаардагы үй чарбачылыгынын 28,8% гана жана 0,4% айыл чарбачылыгы камсыз болсо, борборлоштурулган суу түтүгүнө кошулуу айыл жергесинде сегиз эсе көтөрүлгөн[1].

2015 - жылы республиканын калкынын 89,1% таза суу менен камсыз болгон, анын ичинде 700 миңи (10,9%) кооптуу эмес таза сууга жетишкен эмес, тиричиликтк колонуу үчүн арык, канал, дарыялардан суу ичүүгө аргасыз болушкан.

Жогоруда айтылгандардын жыйынтыгы катары, республикада социалдык-экономикалык абал жана жашоо деңгээли менен шартталган кургак учук, СПИД, невроз ж.б. сыяктуу инфекциялык оорулардын саны көбөйдү.

2015 - жылы жалпы калктын улуу муунунун оорусу 1995 - жылга салыштырмалуу 53% га өсүп, 1,7 млн адамды түздү. Ошону менен бирге республикада кургак учук оорусу интенсивдүү күчөп, республикадагы социалдык-экономикалык жагдайдын деңгээлин мүнөздөйт. Мисалы, СДУнун методикасы боюнча, кургак учук эпидемиясы менен аймакта 100 миң калктын ичинен 50 адам жабыркаган. Бирок Кыргызстанда бул көрсөткүч 1990 - жылы 100 миң калктын ичинен 52,1 түзсө, 2015 - жылы 100 миң калктын ичинен 102,3 түзөт, б.а, СДУнун методикасы боюнча, Кыргызстан катастрофалык абалда турат.

Республикада аялдардын төрөтүнүн коммерциялык кызматы, кадрлардын жетишисиздиги жана медицина кызматкерлеринин начар экономикалык мотивациясы медицинага муктаж болгон адамдарга сапаттуу акушердик жана перинаталдык жардам берүү чектелип калган. Натыйжада, республикада жыл сайын орточо эсеп менен бир жашка чейинки 3 миңден ашык бала өлүмгө дуушар болот, демек, күнүнө 10 бала чарчап калат.

Ошону менен бирге, 2015 - жылы энелердин өлүмүнүн деңгээли жогорку өнүккөн мамлекеттерде 2 эсе өсүп, 100 миң адамга 38,5 учурлар туура келет.

Кыргыз Республикасында саламаттыкты сактоого 2015 - жылы ИДП 3,0% сарпталган, 2014 - жылга салыштырмалуу 1,5%га аз, ал эми 2010 - жылга караганда 1,9 эсеге көп.

---

[1]Кыргыз Республикасынын Улуттук статистикалык коммитетинин жылдык публикациясы «Кыргыз Республикасынын калкынын жашоо деңгээли. 2011-2015». Бишкек 2016, 29-б.

Медицинанын жакшы ишке ашуусунда СДУ минималдуу ИДПдан бюджеттик каржылоодон тиешелүү 6-8% бөлүп көрсөтөт, өнүккөн өлкөлөрдө 5% түзөт.

Кыргызстанда акыркы жылдары калктын жашоосунун узактыгы жогорулаганы байкалат, экономикалык трансформация мезгилинде калктын жашоо сапатынын өзгөрүүсүндө бул мыйзам ченемдүү болуп саналат.

Бул кубулуш республикада 2007 - жылдан бери байкалат, аял, эркек дебей 67,8 жашты түзсө, 2015 - жылы 70,6 жашты түзгөн. Ошону менен бирге эркек бала төрөлгөндө жашоонун узактыгы 66,7 жашты түзсө, кыз төрөлсө – 74,8 жашты түзгөн, ал эми кыз менен эркек баланын ортосундагы жашоо узактыгы 2015 - жылы 8,1 жашты[1] түзүп, 25 жыл ичинде өзгөрүлгөн эмес.

Республикадагы калктын жашоо сапатын төмөндөткөн өзгөчөлүктөргө салт менен шартталган керектөөлөрдүн колдонулушу кирет.

Ошентип, социалдык жалпылыкты сактоо жана көчмөн элинин ички карым-катнашын бекемдөөмаксатында кыргыз элинини тарыхый меймандостугу той-аштарга өтүп, азыркы күндө да актуалдуулугун жоготпой келет.

Элдин той-аштарды өткөрүү, маркумду акыркы сапарга узатуу жөрөлгөлөрү жана каада-салттарына «элден кем калбай» чыгым кетирүү принциби калктын объктивдүү жакырланышына алып келет.

Республикада калктын орточо жанга туура келеген өнүгүү тенденциясы байкалат (2 жана 3 - табл. караңыз).

Кыргыз Республикасынын Улуттук статкоммитетинин берген маалыматтары боюнча, акчалай киреше жалпысынан калктын бир жанына 2015 - жылы бир айга 4074,5 сом туура келсе, мурунку жылга караганда 3% га көбөйгөн, акыркы беш жылды 39% көтөрүлгөн, ал эми акыркы он жылдыкта 4,3 эсе көбөйгөн (караңыз табл. 2).

Республикада калктын жашоо сапатынын деңгээли жана сапаты түздөн-түз экономикалык ишмердүүлүккө көз каранды. Бирок, бул тенденция жашоо деңгээли төмөн, экономикалык факторлор негизги ролду ойногон өлкөлөрдө мыйзам ченемдүү көрүнүш.

Орточо кирешенин өсүшү, республикада жашоо сапатынын өзгөчөлүктөрүнүн калыптанышы жумушчу күчүнүн төмөнкү баасы болуп саналат. Ошентип, ар түрдүү булактардын болушуна карабай, кирешенин түшүүшү эмгек мамилесинин эмгек мамилесинин маанилүү категориясы болгон акчалай кирешесин айлык маянасы түзүп, стимулдук ролду аткарат.

Кыргызстандын айлык маянасынын динамикасы экономикалык ишмердүүлүк (караңыз табл. 3) боюнча, ишмердүүлүктүн бардык түрлөрүндө өсүү тенденциясы байкалат. Бирок саламаттыкты сактоо жана

[1]Кыргыз Республикасынын жылына бир жолу басып чыгарылган демографиялык жыйнагы . 2011-2015 [Текст]: стат. жыйн. – Бишкек: Нацстатком, 2016. – 169-б.

калкты социалдык жактан кызмат кылуу чөйрөсүндөгү айлык маяна төмөндөө тенденциясына ээ болгон. 2012 - жылы ал 9469 сомду түзсө, 2015 - жылы 9381 сомду түзгөн.

Таблица 2 – **Кыргыз Республикасынын калкынын ар бир жанга орточо акчалай кирешесинин структурасы, сом менен**

| **Киреше түрлөрү** | **2011** | **2012** | **2013** | **2014** | **2015** |
|---|---|---|---|---|---|
| **Калктын бардык акчалай кирешеси** | 2936,4 | 3215,8 | 3336,3 | 3957,5 | 4074,5 |
| анын ичинде: | | | | | |
| Эмгек ишмердүүлүгүнөн түшкөн киреше | 1827,4 | 2105,6 | 2128,5 | 2440,2 | 2647,3 |
| Социалдык трансферттер | 418,5 | 536,6 | 572,8 | 618,6 | 662,0 |
| Жеке көмөк чарбасынан түшкөн киреше | 516,8 | 428,3 | 479,1 | 719,2 | 571,0 |
| Башка акчалай кирешелер | 173,7 | 145,3 | 155,9 | 179,6 | 194,3 |
| **в % к итогу** | | | | | |
| | **2011** | **2012** | **2013** | **2014** | **2015** |
| **Калктын бардык акчалай кирешеси** | 100 | 100 | 100 | 100 | 100 |
| Анын ичинде: | | | | | |
| Эмгек ишмердүүлүгүнөн түшкөн киреше | 62,2 | 65,5 | 63,8 | 61,7 | 65,0 |
| Социалдык трансферттер | 14,3 | 16,7 | 17,2 | 15,6 | 16,2 |
| Жеке көмөк чарбасынан түшкөн киреше | 17,6 | 13,3 | 14,4 | 18,2 | 14,0 |
| Башка акчалай кирешелер | 5,9 | 4,5 | 4,7 | 4,5 | 4,8 |

Булак: Кыргыз Республикасынын калкынын жашоо деңгээли. 2011-2015 [Текст]: жылдык публ. – Бишкек: Кырг. Респ. Нацстатком, 2016. – 11-б.

Кыргызстанда эң төмөн айлык акы төлөнгөн ишмердүүлүк болуп айыл чарбасы, токой чарбасы, балык чарбасы, билим берүү, саламаттыкты сактоо, маданият жана искусство саналат. Бул тармактарда акыркы жылдары айлык маяна көтөрүлүп турса да, алардын профессионалдык кирешеси өтө төмөн болуп келет.

3-таблицадан көрүнүп тургандай, Кыргыз Республикасында экономикалык ишмердүүлүктүн түрлөрү боюнча айлык маянада айырмачылыктар байкалат. Мындай сакталган динамика аталган процессти тереңдетип, коомдун катмарларга ажырашына алып келет жана социалдык теңсиздик абалын жарата.

КРУБ тарабынан бекитилгени валютанын расмий курсу боюнча, 2015 - жылы бир кызматкердин орточо айлык акысы 209,2 АКШ доллары түзсө, ал эми 2014 - жылы – 229 АКШ доллары түзгөн[1].

Көрүнүп тургандай, Кыргызстан калкынын айлык маянасынын «стимулдук ролу», абдан күмөндүктү жаратат.

[1]: Кыргызстан сандар менен [Текст]: стат. сб. – Бишкек: Кырг. Респ. Улуттук статком, 2016. – 267-б.

Таблица 3 – **Кыргыз Республикасында экономика ишмердүүлүгү боюнча орточо номиналдык айлык акысы, сом менен**

| | 2010 | 2011 | 2012 | 2013 | 2014 | 2015 |
|---|---|---|---|---|---|---|
| **Бардыгы** | **7189** | **9304** | **10726** | **11341** | **12285** | **13483** |
| Айыл чарбасы, токой чарбасы жана балык чарбасы | 4356 | 4775 | 5307 | 5808 | 6044 | 8331 |
| Пайдалуу кендерди казып алуу | 7857 | 10207 | 15309 | 15838 | 15134 | 20225 |
| Иштеп чыгаруучу өнөр жайы | 11159 | 14737 | 15539 | 17051 | 18577 | 19340 |
| Электроэнергия, газ, буу жана кондиционирдик аба менен камсыз кылуу (жабдуу) | 11579 | 13879 | 16852 | 18684 | 20572 | 23537 |
| Суу менен камсыз кылуу, таштандыларды тазалоо, иштеп чыгаруу жана кайра иштетилген сырьелорду алуу | 6574 | 7162 | 7839 | 8620 | 9330 | 10833 |
| Курулуш иштери | 8031 | 7478 | 8191 | 9287 | 10007 | 11959 |
| Дүн жана чекене соода, автоунааларды жана мотоциклдери ондоо | 7220 | 7955 | 9965 | 10874 | 12361 | 12648 |
| Транспорттук ишмердүүлүкжана жүктөрдүү кайтаруу | 9815 | 12182 | 13545 | 15223 | 16133 | 18143 |
| Мейманкана жана ресторан ишмердүүлүгү | 6631 | 7716 | 8283 | 8540 | 8813 | 9553 |
| Маалымат жана байланыш | 14246 | 16476 | 18391 | 20021 | 21862 | 24678 |
| Каржы ортомчулугу жана камсыздандыруу | 18768 | 20098 | 21558 | 23325 | 27066 | 26903 |
| Кыймылсыз мүлк менен иштөө | 5168 | 5743 | 6203 | 6933 | 7938 | 9703 |
| Профессионалдык, илимий жана техникалык ишмердүүлүк | 10470 | 12772 | 14855 | 15460 | 15022 | 17582 |
| Административдик жана жардамчы ишмердүүлүгү | 5947 | 6962 | 8189 | 8506 | 10246 | 11078 |
| Мамлекеттик башкаруу | 9423 | 10032 | 11187 | 12405 | 15526 | 16385 |
| Билим берүү | 3991 | 6682 | 7999 | 7799 | 8204 | 9233 |
| Саламаттыкты сактоо жана калкка социалдык жактанкызмат көрсөтүү | 4174 | 7341 | 9469 | 9291 | 9244 | 9381 |
| Искусство, көңүл ачуу жана эс алуу | 3803 | 5327 | 6515 | 8166 | 9182 | 9741 |
| Башка кызмат көрсөтүүчү ишмердүүлүк | 6586 | 8138 | 9481 | 9426 | 9810 | 12178 |

Булак: Кыргызстан сандар менен [Текст]: стат. сб. – Бишкек: Кырг. Респ. Улуттук статком, 2016. – 265-267-б.

Ошондуктан Кыргыз Республикасында, тилекке каршы, эмгек маянасы бул функцияны дээрлик жоготтуп, кандайдыр бир «эмгек үчүн берилген жөлөкпулга» айланып кетти.

Белгилүү болгондой, калктын жашоо сапатынын маанилүү көрүнүшүнүн бири республикада төмөндөө тенденциясын жеткен жакырчылык деңгээли болуп саналат. Ата-мекендик статистиканын

маалыматтары боюнча, Кыргызстанда жакырчылыктын жеткен чеги 2000 - жылга туура келет. Бул мезгилде жакырчылыктын үлүшү 62,5% түзүп, ал эми өтө төмөн жакырчылык - 32,9% болгон. 2015 - жылы жакырчылыктын үлүшү 2000 - жылга салыштырмалуу эки эсе кыскарып, 32,1%ды түзөт, ал эми өтө төмөн жакырчылык 1,2% болот, алардын ичинен айылдык жашоочулар 70,5% түзөт.

Республикада жакырчылыктын деңгээлинин төмөндөшү, В.Паретонун мыйзамы боюнча, социалдык туруктуулук үчүн өтө маанилүү ролду ойнойт. Ал туруктуулук жыргалчылыктын жогорку деңгээлинде жана жакырчылыкта 10%дан ашпайт.

Республикада мындай мыйзам ченемдүүлүк байкалат – ИДПда кызматтардын чөйрөсүнүн үлүшүнүн көбөйүшү. Башкача айтканда, Кыргызстанда ИДПнын структурасы кардиналдуу өзгөрүүгө учурайт: 2015 - жылы ИДП кызматынын үлүшү 50,3% түзсө, ал эми 1990 - жылы 0,5% камтыган. Каралып жаткан чөйрөдө 2015 - жылы республикадагы бардык иш орундарынын 49,8% түзгөн[1].

Кыргызстанда, кызматтар чөйрөсү материалдык өндүрүшкө салыштырмалуу тез темп менен өнүгүп, рынок талап кылган иш орундарын түзүүдө чоң роль ойной баштайт.

Расмий статистикалыка маалыматтар боюнча, Кыргызстанда акыркы он жылдыкта мындай өзгөчөлүк пайда болот: ИДП 2015 - жылы айыл чарбасынын үлүшү 1996 - жылга (46,2%) караганда 3 эсе төмөндөп, 14%ды түзгөн. Биздин пикирибиз боюнча, Кыргызстан өзүнүн айыл чарбасынын приоритеттүү өнүгүшүн баалабайт. Белгилүү болгондой, дал ошол айыл чарбасы материалдык өндүрүштүн алгачкы жана негизги базасы болуп саналат. Айыл чарба өндүрүшү айыл жергесиндеги элдин турмуш-тиричилигинде жаралган, анын үлүшү 70% түзөт жана калктын негизги керектөөсүн, б.а., калктын жашоо сапатынын маанилүү факторлору болгон табигый тамак-аш менен камсыз кылат.

Республикада акыркы он жылдыкта туристтик кызматтардын импорттолушунун туруктуу тенденциясы же Кыргыз Республикасынын жарандарынын чыгымдарынын туруктуу өсүшү байкалат. 2006 - жылы бул көрсөткүч 91,6 млн. АКШ долл. түзсө, 2012 - жылы ал көрсөткүч көтөрүлүп, 556,4 млн. АКШ долл. США түзгөн, андан кийин 29% төмөндөйт. Ал эми 2013 - жылдын ортосунда кайрадан республиканын чегинен чыккан туризм тармагы өнүгө баштайт.

Республиканын жараныдары туристтик ишмердүүлүккө кетирген чыгымдар туристтерди кабыл алган мамлекеттерде калганына карабастан, республиканын жарандары руханийлик жактан байыган.

Апробация максатында, диссертант тарабынан сунушталган жашоо сапатын комплекстик баалоо Кыргыз Республикасынын калкынын негизги 8 блогунда жүргүзүлгөн. Жүргүзүлгөн изилдөөнүн натыйжалары Кыргыз

[1] Кыргыз Республикасынын социалдык-экономикалык абалы. 2016 [Текст]: ай сайын чыг.. публ. – Бишкек: Кырг. Респ. Улуттук статком, 2016. Янв. – с.87.

Республикасынын Улуттук статкомунун расмий маалыматтары менен корреляцияланат.

Жалпысынан анализ көрсөткөндөй, Кыргыз Республикасында жашоо сапатына канааттануунун орточо деңгээли төмөн жана б.а., депрессивдик абалдын деңгээли 0,48 түзөт (караңыз табл. 4).

Таблица 4 - **Кыргыз Республикасынын калкынын жашоо сапатынын структурасынын индекси**

| № п/п | Алынган индекстердин аталышы | Индекстин мааниси |
|---|---|---|
| 1. | Калктын саламаттыгынын индекси | 0,63 |
| 2. | Жашоо образынын индекси | 0,58 |
| 3. | Коопсуздук индекси | 0,562 |
| 4. | Жашоо деңгээлинин индекси | 0,56 |
| 5. | Жашоо шарттарынын индекси | 0,55 |
| 6. | Социалдык инфраструктуранын индекси | 0,34 |
| 7. | Коорупциянын таасиринин индекси | 0,31 |
| 8. | Мамлекеттик башкаруунун эффективдүүлүгүнүн индекси | 0,29 |
| | **Жалпы республикалык индекс** | **0,48** |

Булак: Диссертант тарабынан Кыргыз Республикасындагы калктын жашоо сапатын баалоо үчүн жүргүзүгөн байкоолору боюнча

Алынган индекстердин сандык иерархиясында калктын саламаттыгы өзгөчө мааниге ээ болуп, республика боюнча, 0,63 түзгөн, жана диссертант тарабынан сунуштаган жашоо сапатына канааттануунун индекстик градациясы **чектелген канааттануу** маанисине ээ болот. Ошону менен бирге, белгилей кетсек, канаттаануу индекси жалпы саламаттыктын үч түрүндө – физикалык, социалдык жана психологиялык абалы өзгөрүүсүз калды (0,63).

Аймактарда бул жагдай башкача көрүнөт, алсак, Баткен облусунда саламаттыктын жалпы индекси - 0,19, социалдык ден соолуктун структуралык индекси - 0,17, тилекке каршы, алынган индекстер аймактын өтө төмөндөп кеткенин көрсөтөт. Бир жагынан, аймактын мындай жагдайы социалдык-экономикалык перифериялыгы менен шартталып, расмий статистикалык маалыматтар менен далилденет. Натыйжада, Баткен облусу социалдык-экономикалык өнүгүү жагынан артта калган аймак болуп саналат. Экинчи жагынан, мындай жагдай каралып жаткан облусту жалкоо жана жагдайды жакшы жагына өзгөртүүгө аракет кылбагандыгы менен мүнөздөлөт.

Жалпы саламаттыктын төмөнкү коэффициенти Жалал-Абад (0,22) жана Талас (0,3) облустарында байкалат.

Республикада жашоо сапатына ыраазы болгон көрсөткүчтөр боюнча экинчи орунда 14 суроодон – «жашоо образынын» көрсөткүчүнөн турган татаал интегралдык көрсөткүч турат. (караңыз табл. 5.). Анын жалпы индекси республика боюнча 0,58 түзүп, чектелген канааттануу бар экендигин белгилейт.

Таблица 5 - **Кыргыз Республикасындагы жашоо образынын индекси**

| | Кыргыз Республикасы | Баткен облусу | Жалал-Абад облусу | Ысык-Көл облусу | Нарын облусу | Ошоблусу | Талас облусу | Чүй облусу | Бишкек ш. |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Билим деңгээли | 0,61 | 0,15 | 0,23 | 0,65 | 0,37 | 0,5 | 0,24 | 0,68 | 0,75 |
| Руханийлик | 0,64 | 0,18 | 0,23 | 0,71 | 0,43 | 0,6 | 0,29 | 0,67 | 0,83 |
| Жумуш менен камсыз болушу | 0,62 | 0,18 | 0,19 | 0,58 | 0,4 | 0,55 | 0,26 | 0,74 | 0,79 |
| Мобилдүүлүк (аймактык, социалдык) | 0,62 | 0,21 | 0,19 | 0,62 | 0,34 | 0,52 | 0,29 | 0,65 | 0,71 |
| Ооруу жана травматизм | 0,57 | 0,15 | 0,21 | 0,56 | 0,29 | 0,51 | 0,21 | 0,51 | 0,74 |
| Бош убакыт | 0,54 | 0,08 | 0,2 | 0,4 | 0,31 | 0,49 | 0,2 | 0,6 | 0,67 |
| Коомдук-саясий активдүүлүк | 0,49 | 0,17 | 0,15 | 0,27 | 0,18 | 0,33 | 0,2 | 0,48 | 0,45 |
| Алкоголь ичимдиктерин жана тамеки ж.б. колдонуу | 0,63 | 0,2 | 0,25 | 0,77 | 0,44 | 0,5 | 0,18 | 0,71 | 0,77 |
| Маданият (театр, киного баруу) | 0,49 | 0,08 | 0,19 | 0,36 | 0,23 | 0,38 | 0,14 | 0,52 | 0,52 |
| Социалдык активдүүлүк | 0,55 | 0,18 | 0,19 | 0,5 | 0,23 | 0,36 | 0,25 | 0,56 | 0,56 |
| Динчилдик | 0,57 | 0,23 | 0,19 | 0,54 | 0,34 | 0,54 | 0,3 | 0,15 | 0,7 |
| Девианттык жүрүм-түрум | 0,55 | 0,17 | 0,16 | 0,61 | 0,31 | 0,32 | 0,19 | 0,57 | 0,72 |
| Тартиптүүлүк | 0,64 | 0,19 | 0,25 | 0,71 | 0,4 | 0,58 | 0,25 | 0,65 | 0,88 |
| Мыйзамга баш ийүү | 0,64 | 0,18 | 0,25 | 0,65 | 0,41 | 0,59 | 0,28 | 0,66 | 0,84 |
| **Жашоо образынын жалпы көрсөткүчү** | **0,58** | **0,17** | **0,21** | **0,57** | **0,33** | **0,47** | **0,23** | **0,58** | **0,71** |

Булак: Диссертант тарабынан Кыргыз Республикасындагы калктын жашоо сапатын баалоо үчүн жүргүзүгөн байкоолору боюнча

Ошондой эле анын мааниси Бишкек шаарында да катталып, 0,71 түзгөн, бирок ал дагы чектелген канааттанууга кирет.

Жашоо образынын өтө маанилүү структуралык индексин тартиптүүлүк жана мыйзамга баш ийүү, жалпысынан республика боюнча 0,64 түзгөн, ал эми максималдуу мааниси Бишкек шаарына тиешелүү: тартиптүүлүк (0,88) жана мыйзамдарды сактоо (0,84) (караңыз табл.5).

Тартиптүү жана мыйзамга баш ийген калк Баткен (0,18), Жалал-Абад (0,25) жана Талас (0,28) облустарында жашайт (караңыз табл.5.).

«Жашоо образанын» ички дүйнөнү жакшыртуу катары «руханийлик» структуралык көрсөткүчү, республика боюнча анын мааниси 0,64 түздү, өтө жогору мааниси Бишкек шаарында (0,83) жана Ысык-Көл облусунда (71) белгиленет. Ички руханийликти жакшыртуу аракети Баткен облусунда төмөн көрсөткүчтү көрсөтөт (0,18) (караңыз табл.5.).

Иш орундарын (0,62) - республиканын калкы билим берүүдөн (0,61), да жогорку жыргалчылык катары баалашат. Анын индекси сандык жагынан башкалардан айырмаланат, бирок ал жагынан республиканын калкы чектелген (караңыз табл.5.).

Калктын аз бөлүгү өзүнүн коомдук-саясий активдүүлүгүнө канааттанат, ал 0,17 ден 0,48 түзөт (караңыз табл.5.). Республиканын калкы өзүнүн кызыкчылыктардын жалпылыгына катышпаганын аңдап билишет.

Мындай жагдай республика боюнча маданияттын структуралык индексинде да байкалат, ал республика боюнча 0,49 (караңыз табл.5.) түзөт. Эң төмөнкү көрсөткүч Баткен облусунда байкалат – 0,08, бул адамдын маданий өнүгүшүндө толук деградациясын айгинелейт. Чындыгында, расмий маалыматтар боюнча, аймакта китепканалардын, басылмалардын, интернеттин жетишпегендиги, элге атайын театрлашкан оюндардын коюлбагандыгы, ар кандай концерттер, анын ичинде классикалык музыканын жоктугу, белгилүү инсандар менен жолукпоо маданий дегредацияга алып келет.

Канааттануу даражасы боюнча үчүнчү орунга республиканын калкы «коопсуздукту» чыгарат, анын жалпы коэффиценти республика боюнча 0,56 түзөт. Бул интеграциялык көрсөткүч боюнча элдерди эртеңки күндөгү туруктуулук жана ишенимдүүлүк тынчсыздандырат.

Бул көрсөткүчтүн төмөнкү мааниси бардык жерде белгиленген, бирок бул маселе боюнча пессимисттер Баткен жана Жалал-Абад облустарында жашайт, алардын индекси бирдей 0,1 түзөт.

Бардык окуялардын жана өнүккөн инфраструктурада жашаган Бишкек шаарынын тургундары эртеңки күнгө жарым-жартылай ишеним көрсөтүшөт (0,58).

Диссертациялык изилдөөнүн **«Келечекте калктын жашоо сапатын жогорулатуу приоритеттери»** деген төртүнчү бабында келечекте Кыргыз Республикасында жашаган калктын жашоо сапатын жогорулатуудагы негизги багыттары, ошондой эле жашоо сапатын жогорулатууда мамлекеттин ролу каралат.

Биздин пикирибиз боюнча, республикадагы калктын жашоо сапатын жогорулатуу үчүн, биринчиден, экономикалык трансформация учурунда калктын жашоо сапатын жогорулатуудагы факторлорго: киреше, адекваттуу турак-жайдын болушу жана калктын белгилүү бир тобунун эмгек миграциясы кирет.

Диссертант тарабынан турак-жай менен камсыздоодо жана азыркы Кыргызстандын турак-жай саясатында төмөнкүдөй сунуштарды киргизет:

- турак-жай куруу жана анын жетиштүү болуусу үчүн Мамлекеттик программа кабыл иштелип чыгып, ага төмөнкудөй толуктоолор киргизилүүсү зарыл:

- турак-жай куруунун мамлекеттик үлүшүн максималдуу көбөйтүү;

- жакынкы 10 жылдыкта эл аралык нормаларга ылайык мамлекеттин турак-жай куруу өлчөмү бир адамга 1$м^2$ тиешелүү болгон (постсоветтик мейкиндикте калктын саны аз). Мындай чечим кошумча жумуш орундарын түзүүгө алып келет, калктын турак-жай алуу үчүн «көп акча» табуу максатындагы миграциясын кыскартат.

- 2013 - жылдагы бир адамга бөлүнгөн турак-жайдын орточо деңгээли ЕАЭС боюнча, эң төмөнкүсү - 12,0$м^2$ белгиленген Турак-жай кодексинин нормаларын кайрадан карап чыгуу керек;

- эскирген үйлөрдү оңдо-түздөө иштерин жүргүзүп, жараксыз үйлөрдү жок кылуу керек;

- жаш үй бүлөлөргө турак-жай алууда мамлекет тарабынан колдоо көрсөтүү системасын түзүү керек: жаш үй бүлөгө жер бөлүп берүү, ипотекалык кредит алууда баштапкы суммасын төлөп берүүдө көмөктөшүү зарыл;

- калктын акча төлөө жөндөмдүүлүгүн камсыздоо максатында турак-жай инфраструктурасын өнүктүрүү жолу менен турак-жай сунуштарын көбөйтүү.

Кирешенин факторун жакшыртуу үчүн тиричилик каражытынын минимумун жана КБИ (керектөө бааларынын индекси) жогорулатуу зарыл, анын азыркы күндөгү шарттуулугунан жана адилетсиздигинен улам автор республиканын тиричилик каражатынын минимумун киргизүүнү сунуштайт:

- уюлдук байланыштардын кызматтары минималдуу болсо да унаа каражаттарына кеткен чыгымдарды, убакытты үнөмдөөгө жана адамдын жашоосунун коопсуздугуна мүмкүнчүлүк берет;

- кыргыз корзинасына кирген продуктылардын колдонулуш мезгилин жана баасынэске алуу керек;

- азыркы мезгилдин талабына ылайык корзинага кирген товарлардын жана кызматтардын тизмесин кеңейтүү зарыл;

- корзинага кирген товарлардын жана кызматтардын тизмесине ылайык ИПЦ эсеби жана керектөөчү корзина үчүн ылайыкташтыруу керек;

- корзинанын азык-түлүк эмес бөлүгүнүн, өзгөчө коммуналдык кызматтардын, айыл жергесинде көмүр, отун-суунун баасын кайра карап чыгуу зарыл;

- корзинанын азык-түлүк эмес бөлүгүнүн баасын эске алуу жана кайра карап чыгуу зарыл, анткени алардын саны, адамга зарыл болгон нерселердин бири Кыргызстандын табигый-климаттык шарттарында кийимдердин баасын тактоо зарылдыгы бар;

- акы төлөнгөн саламаттыкты сактоо жана билим берүү кызматтарын эске алуу.

Жыйынтыктап айтканда, тиричилик каражатынын минимумунун жогорудагыдай методологиясындагы реалдуу жана адилеттүү өзгөрүү, эң негизгиси, өлкөдөгү социалдык-экономикалык жагдайлардын нормаларынын негиздүүлүгү жалпысынан жашоо деңгээлин гана жакшыртпастан, раеспубликадагы калктын жашоо сапатын да өркүндөтөт.

Адамдын жашоо сапаты руханий жактан тарбия болбосо жана маданий баалулуктарге тиешелүү деңгээлде ээ болбосо мүмкүн эмес. Албетте, калктын маданий агартуусу жаңы эмес, ал мезгил тарабынын сындан өткөн, ошондуктан бул багытта башкы ориентр балдар болушу керек, анткени түзүлгөн баалуулуктардын системасынан алардын келечеги көз каранды.

Ошондуктан, биздин пикирибиз боюнча, маданият чөйрөсүндө жашоо сапатынын бөлүгүн түзгөн төмөнкү иш чараларды көрсөтүүгө болот:

- республикада билим берүүнүн бардык стадиясында этикалык, көркөм-эстетикалык жана экологиялык тарбияны киргизүү керек;

- массалык-маалымат каражаттарына жалпы адамзаттыка баалуулуктарды, гуманизм принциптерин, толеранттуулук жана сабырдуулукту жайылтууга багытталган агартуучулук, маалыматтык-публицистикалык программаларды көп киргизүү зарыл;

- илим, билим берүү жана маданият тармактарынын ишмерлеринин авторитетин көтөрүү жана таасирин күчөтүү керек;

- маданиятка жана искусствого инвестицияларды көбөйтүү, анткени алар өздөрүн актайт жана туризм, мейманкана чарбачылыгы, курулуш, тиричилик кызматтары сыяктуу башка багыттардын өнүгүшүнө шарт түзөт;

- маданият чөйрөсүнүн деңгээлин жана анын каржылык менеджментин өнүктүрүү керек. Анткени алардын өнүгүшүнө каржы табуу маселеси көз каранды, алсак, батыш Европа өлкөлөрүндө финансылык каражаттардын жалпы суммасын мамлекеттик эмес, үй чарбасы түзөт;

- китепканаларды, музейлерди, кинотеатрларды, маданий мекемелердин өнүгүшүн организациялык-экономикалык шарттарын жана укуктарын өркүндөтүү керек.

Социалдык чөйрөнүн, ошондой эле калктын жашоо сапатынын маанилүү бөлүгүн билим берүү түзөт. Ал коомду жогорку квалификациялык кадралар менен камсыз кылат, ал эми индивид деңгээлинде билим берүү кызматтарын алууда адамдын керектөөлөрүн канааттандырат.

Биздин пикирибиз боюнча, республикага кредиттик билим берүүнү киргизүү керек, ал окуусун толук төлөй албаган студенттерге жакшы жардам болот. Мындай практика өнүккөн өлкөлөрдө ар кандай

механизмдер аркылуу ишке ашат, ал мамлекеттин билим берүү системасын каржылоосуна жараша болот.

Мындай механизмдерге мамлекеттик субсидиялоо, грант жана стипендия берүү жолу, билим берүү фонддору, университет тарабынан сунушталган трансферттер (стипендия, субсидия), окуу мезгилинде студенттерге кредит берүү аркылуу каржылоо кирет. Студенттерге кредит берүү ачык болуп, ага мамлекет катышуусу зарыл.

Диссертанттын пикири боюнча, мамлекет мындай чечимдерди кабыл алууда пайыздык ставканын субсидиясы жолу аркылуу сөзсүз катышуусу керек, б.а., жогоруда айтылган кредит төмөнкү жана пайызсыз ставкада берилиши керек. Ал мамлекет тарабынан компенсацияланат, же мамлекет күмөн жараткан шарттарда кредитти кайрып берүүдө кепилдик болот.

Кыргыз Республикасында мындай билим берүү кредиттерин киргизүүдө республиканын банктары тиешелүү кредиттик программаларды иштеп чыгуусу зарыл, албетте эффективдүүлүк үчүн мамлекеттик кепилдик керек.

Эл үчүн бул маселени чечүүнүн дагы бир варианты – камсыздандыруу болуп саналат. Бала өз алдынча өсүп - өнүгүш үчүн республикада балдарды камсыздандыруу боюнча программа керек. Мындай программа дайыма взнос төлөөнүн натыйжасында ЖОЖго тапшырган мезгилде тиешелүү сумманы топтоого мүмкүнчүлүк берет.

Кыргызстан үчүнбардык билим берүү мекемелеринде билим берүү сапатын тескеген мамлекет тарабынын туруктуу күчтүү көзөмөл керек.

Азыркы мезгилдеги Кыргызстандагы чындык көрсөткөндөй, Кыргыз Республикасында билим берүү чөйрөсүнүн либерализациясы мүмкүн эмес. Бул, алды менен, кыргыз үй бүлөсүнүн билим берүүдөгү каржылык жүктүн бардыгын моюнуна алууга мүмкүн эместиги менен байланышат. Анткени элдин моюнунда саламаттыкты сактоо жана турак-жай коммуниалдык чарбасына байланышкан төлөмдөр турат.

Кыргыз Республикасынын социалдык саясаттын модернизациясы боюнча жогоруда көрсөтүлгөн пункттар республиканын калкынын жашоо сапатын жогорулатуунун өбөлгөсү болгон. Ал эми жашоо үчүн зарыл болгон каражаттардын минимумунун жогорулатуу мүмкүндүгү, анын ичинде минималдуу айлык акы калктын кирешесин көбөйтүүгө болот. Натыйжада, Кыргыз Республикасынын жалпы экономикасында мультипликациялык термелүүнү жайылтууда реалдуу импульс болуп калат.

## ЖЫЙЫНТЫКТАР ЖАНА СУНУШТАР

Жүргүзүлгөн изилдөөнүн негизинде төмөнкүдөй жыйынтыктар жана сунуштар чыгарылды:

1. Адамдын жашоо сапаты материалдык байлык менен өлчөнбөйт, ошол материалдык байлыкты социалдык, маданий жана руханий жактан туура колдонуусу менен эсептелет. Мында руханий муктаждык

экономикалык трансформация мезгилинде экономикалык же материалдык жыргалчылык сыяктуу эле мааниге ээ.

Ошону менен бирге жашоо сапаты адамзат жашоосунун бардык жагынын жалпы мүнөздөмөсү болуп саналат, ал адам керектөөлөрүнүн ишке ашуу социалдык мехнизмдерине көз каранды. Ошондуктан адамдын керектөөлөрү коомчулукка максималдуу түрдө жакындаса, анда жашоо сапатына ыраазы болушу мүмкүн.

2. Коомдук жыргалычылыкка болгон теориялык ыкмаларды жалпылоо жана системага салуунун негизинде төмөнкүдөй концепциялар бөлүнүп көрсөтүлдү: экономикалык, тең салмактуулук, институтук, индивидуалдык жыргалчылык, коомдук пайда жана субъективдик концепциялар.

3. Биздин пикирибиз боюнча, «жашоо сапаты» – адамдын физиологиялык, моралдык, материалдык жана социалдык керектөөлөрүнөн турган синтезделген социалдык-экономикалык категория. Ошону менен бирге өзүнүн кызыкчылыктарын ишке ашыруу ыкмаларын айлана-чөйрө менен гармонияда, таасири астындагы ар кандай мүнөздөгү факторлорду тандоо эркиндиги камтылат.

«Жашоо сапаты» категориясы көп тараптуу түшүнүк, ошондуктан ал төрт аспектиде каралышы керек: экономикалык, социалдык, руханийлик жана психо-физиологиялык аспектилер.

4. Өткөөл экономикасы бар өлкөдөгү калктын жашоо сапатынын калыптанышына таасир эткен негизги факторлор: материалдык жана руханий керектөөлөрдүн канааттандыруу булагы катары кирешелер, адамдын базалык керектөөлөрүнүн бири турак-жайдын болушу; жашоо сапатын жакшыртууда эң негизги шарттардын бири катары калктын белгилүү бир тобунун эмгек миграциясы.

5. Жашоо сапаты мезгилдик жактан кыймылдуу келет, ошого байланыштуу аны түзүп турган бөлүктөр да мезгилге, аймакка жана улуттук өзгөчөлүктөргө жараша өзгөрүп турат. Ошондуктан, биздин пикирибиз боюнча, экономикалык трансформация мезгилинде калктын жашоо сапатынын структуралык классификациясы негизги жети бөлүктөн туруш керек: ден соолук, жашоо шарты, жашоо образы, мамлекеттин социалдык инфраструктурасы, коопсуздук, мамлекеттик башкаруунун эффективдүүлүгү. Булардын ар бири өздөрүн мүнөздөп турган көрсөткүчтөрдүн тизмесине ээ. Ошону менен бирге жашоо сапатын түзүп турган бөлүктөр бири бирин толуктабайт, тең мааниге ээ болбойт, болгону коюлган приоритеттерди тандоого мүмкүн.

6. Диссертант тарабынан сунушталган жашоо сапатын жогорулатуу боюнча индивидуалдык концепцияда индивид үзгүлтүксүз түрдө керектөөнүн жаңы тиешелүү деңгээлдерине жетишүү керек.

7. Калктын жашоо сапаты көп тараптуу түшүнүк, жана анын маанилүү бөлүгүн саламаттык түзүп турат. Саламаттыктын өзгөчөлүгү – ал коомдогу социалдык-экономикалык, жана трансформациялык процесстерге биринчилерден реакция кылат. Мамлекеттин элинин

саламаттыгы өтүп кетпеген турмуштук баалуулук болуп саналат, көпчүлүк учурда, жашоо образына жана социалдык-экономикалык шарттарга көз каранды, мында экономикалык факторлор үстөмдүк кылып турат.

8. Сандык көрсөткүч болгон, ар бир мамлекет калктын өсүп жаткан керектөөлөрүн канаатандыруу максатында умтулган экономикалык өсүш адамдын өзүнүн кызыкчылыгына карама-каршы турат, анткени анын чексиз өсүшү калктын жашоо сапатын төмөндөтөт.

9. «Адекваттуу турак-жай менен камсыз болуу» калктын жашоо сапатын жогорулатуудагы негизги көрсөткүч катары эске алуу, жана анны АӨПИ эсебинде адамдын потенциалынын өнүгүшүнүн төртүнчү негизги структуралык көрсөткүчү катары колдонуу керектиги негизделди. Ошону менен бирге экономикалык трансформация учурунда калктын жашоо сапатын түзгөн бөлүктөр методологиялык планда маанилүү орунду туруп, руханийлик аспектиси аргументтештирилди, жана аны эсептөөнүн методикасы сунушталды.

10. Экономикалык трансформация мезгилинде Кыргызстандагы калктын жашоо сапатынын калыптаныш өзгөчөлүгү – элдин каада-салты менен шартталган нерселерди колдонуунун жогорку деңгээли; мамлекеттин өзүнүн айыл чарбасынын приоритетин баалай албоо; жумушчу күчүнүн төмөн бааланышы; аймактык өнүгүнүн теңсиздиги; эне жана баланын өлүмүнүн өсүшү болуп саналат.

11. Азыркы шарттарда республикадагы калктын жашоо сапатын өзгөрткөн негизи тенденциялар: билим берүүдөгү төлөө кызматтарын көбөйүшү; медицинкалык жардамдын азайышы; турак-жай шарттарынын начарлашы; республикадагы калктын орточо кирешесинин өсүшү; жакырлардын үлүшүнүн төмөндөшү; саякаттоо эс алуу катарында саналышы.

12. Трансформация мезгилинде калктын жашоо сапатын өзгөрткөн мыйзам ченемдүүлүктөр: ЖКХнын социалдык функциясынын жоголушу; үзгүлтүксүз билим берүү институтун калыптандыруу; ИДПда кызматтардын чөйрөсүн көбөйтүү; калктын жашоо узактыгын көтөрүү.

13. Апробация максатында сунушталган калктын жашоо сапатын баалоо методикасы боюнча тандалган изилдөө жүргүзүлдү, натыйжада республикадагы калктын жашоо сапатына ыраазы болуш деңгээлине турмуш-тиричиликтин негизги чөйрөсүндөгү 8 блок боюнча баа берүүгө мүмкүнчүлүк түзүлдү. Ошону менен бирге азыркы мезгилдеги аймактардагы калктын жашоо сапатынын негизги маселелери жана дифференциациясы аныкталды. Берилген баа боюнча, республикадагы калктын жашоо сапатына канааттануу деңгээли – депрессивдик абалда, Баткен, Талаас, Жалал-Абад облустарында жашоого болгон наразылыктар байкалат. Жүргүзүлгөн изилдөөнүн жыйынтыктары Улуттук статкомитеттин берген маалыматтары менен шайкеш келет.

14. Рыноктук кайра калыбына келүү мезгилинде Кыргызстанда жашаган калктын жашоо сапатын жогорулатуудагы негизги багыттар: калкты социалдык жактан коргоо, республиканын маданияты жана билим

берүү системасынын механизмдерин билим берүү сапатын өркүндөтүү жолу аркылуу өнүктүрүү, билим берүү системасын стратегиялык жактан башкарууну жакшыртуу жана аны каржылоочу булактарды өнүктүрүү болуп саналат.

15. Кыргыз Республикасынын социалдык саясатын жана экономиканын социалдык секторун келечектеги модернизациясы – мамлекеттин калыптанышында жана калктын жашоо сапатынын туруктуу өнүгүшүндө негизги структуралык бөлүк.

## ДИССЕРТАЦИЯНЫН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ ЧАГЫЛДЫРЫЛГАН ЭМГЕКТЕРДИН ТИЗМЕСИ:

*Монографиялар:*

1. Токторбаева, К.А. Кыргыз Республикасындагы калктын экономикалык трансформация мезгилинде жашоо сапатынын калыптанышы (Кыргыз Республикасынын материалында) [Текст]: моногр. / К.А. Токторбаева. – Бишкек: КОСУ басм., 2015. – 302-б.

*Илимий макалалар:*

*а) чет элдик рецензияланган басылмаларда (РИНЦ):*

2. Токторбаева, К.А. Калктын саламаттыгы − жашоо сапатынын негизи [Текст] / К.А. Токторбаева // Тажик улуттук ун-нин Жарчысы. Экон. илимдер сериясы. – 2013. – № 2/2 (107). – С. 292-294-б.

3. Токторбаева, К.А. Трансформациялык мезгилде калкты социалдык жактан коргоо [Текст] / К.А. Токторбаева // Тажик улуттук ун-нин Жарчысы. Экон. илимдер сериясы. – 2013. – № 2/4 (114). – 23-26.

4. Токторбаева, К.А. Кыргыз Республикасынын калкынын жашоо сапатын калыптандыруучу фактор катары социалдык чөйрөнүн өнүгүшү [Текст] / К.А. Токторбаева // Тажик улуттук ун-нин Жарчысы. Экон. илимдер сериясы. – 2015. – № 4 (51). – 78-83б.

5. Токторбаева, К.А. Экономикалык трансформация мезгилинде калктын социалдык коргоого болгон муктаждыгы [Текст] / А.А. Саякбаева, К.А. Токторбаева // Илимий умутулуу: жаштардын илимий макалалар жыйн. – Мн., 2016. – Чыг. 17. – 96-103-б.

6. Токторбаева, К.А. Калктын жашоо сапаты: түшүнүк, көрсөткүчтөр, Кыргыз Республикасындагы азыркы абалы [Текст] / К.А. Токторбаева // Илимий альманах. – Тамбов, 2016. – № 4/1 (18). – 251-260-б.

7. Токторбаева, К.А. Кыргыз Республикасынын социалдык чөйрөсүнүн реформаланыш маселелери жана анын экономикалык трансформация мезгилиндеги калктын жашоо сапатына тийгизген таасири [Текст] / К.А. Токторбаева //Илимий альманах. – Тамбов, 2016. – № 4/1 (18). – 261-268-б.

8. Токторбаева, К.А. Билим берүү– калктын жашоо сапатын түзгөн маанилүү бөлүгү [Текст] / К.А. Токторбаева // Тажик улуттук ун-нин Жарчысы. Экон. илимдер сериясы. – 2016. – № 1 (52). – 55-60-б.

*б) Кыргыз Республикасынын ЖАК тарабынан сунушталган басылмаларда:*

9. Токторбаева, К.А. Калктын жашоо сапатын жогорулатууда мамлекеттин ролу [Текст] / К.А. Токторбаева //Кырг.- Орус. Славян. ун-нин Жарчысы– 2013. – Т. 13, № 12. – 159-160-б.

10. Токторбаева, К.А. Жашоо сапатын баалоодогу азыркы критерийлер [Текст] / К.А. Токторбаева //Кырг. - Орус. Славян. ун-нин Жарчысы– 2014. – Т. 14, № 2. – 38-40-б.

11. Токторбаева, К.А. Жашоо сапатын изилдөөдөгү методолгиялык өзгөчөлүктөр [Текст] / К.А. Токторбаева //Кырг. - Орус. Славян. ун-нин Жарчысы – 2014. – Т. 14, № 8. – 159-161-б.

12. Токторбаева, К.А. Теңсиздиктин калктын жашоо сапатына тийгизген таасири [Текст] / К.А. Токторбаева //Кырг. - Орус. Славян. ун-нин Жарчысы. – 2015. – Т. 15, № 8. – 159-162-б.

13. Токторбаева, К.А. Жашоо сапаты калктын минграциясынын кыймылдакыч күчү катары // Кырг. - Орус. Славян. ун-нин Жарчысы. – 2015. – Т. 15, № 8. – 163-164-б.

**Токторбаева Калина Авлабековнанын 08.00.01 – экономикалык теория; 08.00.05 – экономика жана эл чарбасын башкаруу адистиктери боюнча экономика илимдеринин доктору окумуштуу даражасын изденип алуу үчүн жазган «Калктын жашоо сапатынын калыптанышындагы теориялык-методологиялык аспектилери (Кыргыз Республикасынын материалдарында)» аттуу темадагы докторлук диссертациясынын**

**РЕЗЮМЕСИ**

***Негизги сөздөр:*** калктын жашоо сапаты, жашоо деңгээли, жашоо мүнөзү, социалдык ички түзүмдү өнүктүрүү, ден-соолук, социалдык коргоо.

***Изилдөө объектиси:*** калктын жашоо сапатын калыптандыруучу факторлор.

***Изилдөө предмети:*** калктын жашоо сапатын калыптандырууда келип чыккан социалдык-экономикалык мамилелердин жыйындысы түзөт.

***Изилдөө максаты:*** калктын жашоо сапатын жогорулатуу боюнча иштелип чыккан социалдык-экономикалык механизмдеринин негизинде базар экономикасынын шарттарында жашоо сапатын калыптандыруунун мыйзам ченемдүүлүктөрүн, мүнөздүү багыттарын, өзгөчөлүктөрүн жана факторлорун ачып берүү болуп саналат.

***Изилдөө методдору:*** диалектикалык, логикалык, дедукция, илимий ой, талдоо жана синтез, экономикалык-статистикалык, түзүмдүк талдоо, калыс баалоо методдору колдонулду.

***Алынган натыйжалар:*** коомдук байгерчиликтин чен-өлчөмдөрүн түшүнүүгө жасалган илимий ыкмаларды системага келтирүүнүн автордук ыкмасы сунушталды: «жашоонун сапаты» категориясынын аныктамасы такталды; экономиканы трансформациялоо мезгилинде калктын жашоо сапатын калыптандырууга таасир этүүчү негизги факторлор аныкталды; калктын жашоо сапаты түзүмүн жиктөө сунушталды; Кыргызстандын калкынын жашоо сапатынын деңгээлине аймактык кесилиште баа берилди; АДӨИни (адам дараметин өнүктүрүү индексин) эсептөө методикасы өркүндөтүлдү; жашоо сапатын индивидуалдуу жогорулатуу концепциясы иштелип чыкты; экономикалык трансформация мезгилинде республиканын калкынын жашоо сапатын калыптандыруунун мыйзам ченемдүүлүктөрү, өзгөчөлүктөрү жана мүнөздүү багыттары аныкталды.

***Колдонулуш деңгээли:*** Диссертанттын иштелмелери жана сунуштары Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн ай сайын төлөнүүчү социалдык жөлөкпулдун өлчөмүн көбөйтүү боюнча; көп балалуу аз камсыз болгон үй-бүлөлөргө ар сайын жөлөкпул төлөө механизмдерин бекитүү, ошондой эле жатак мекемелерде жашаган жарандар үчүн социалдык жөлөкпул берүү боюнча токтом долбоорлору киргизилди.

***Колдонуу тармагы:*** Изилдөөнүн негизги натыйжалары Кыргыз Республикасынын мамлекеттик бийлик органдары жана ар түрдүү илимий-изилдөө мекемелери, уюмдары тарабынан калктын жашоо сапатын жакшыртуу тутумун жана жаңы стандарттарын иштеп чыгууда; калктын жашоо сапатынын көрсөткүчтөрүн комплекстүү баалоону өркүндөтүүдө; Кыргыз Республикасынын жана анын аймактарынын социалдык-экономикалык өнүгүү программаларын иштеп чыгууда; мамлекеттик социалдык саясатты калыптандырууда пайдаланууга болот.

## РЕЗЮМЕ

**диссертации Токторбаевой Калины Авлабековны на тему «Теоретико-методологические аспекты формирования качества жизни населения (на материалах Кыргыз Республикасынын)» на соискание ученой степени доктора экономических наук по специальностям 08.00.01 – экономическая теория; 08.00.05 – экономика и управление народным хозяйством.**

***Ключевые слова:*** качество жизни населения, уровень жизни, образ жизни, развитие социальной инфраструктуры, здоровье, социальная защита.

***Объект исследования:*** факторы формирования качества жизни населения.

***Предмет исследования:*** совокупность социально-экономических отношений, возникающих в процессе формирования качества жизни населения.

***Цель исследования:*** раскрытие закономерностей, тенденций, особенностей и факторов формирования качества жизни в рыночной экономике на основе разработанных социально-экономических механизмов повышения качества жизни населения.

***Методы исследования:*** диалектический, логический, дедукции, методы научной абстракции, анализа и синтеза, экономико-статистический, структурного анализа, метод экспертных оценок.

***Полученные результаты:*** предложена авторская систематизация научных подходов к пониманию критериев общественного благосостояния; уточнено определение категории «качество жизни»; выявлены основные факторы, влияющие на формирование качества жизни населения; предложена классификация структуры качества жизни населения; дана оценка уровня качества жизни населения Кыргызстана в региональном разрезе; усовершенствована методика расчета ИРЧП; разработана концепция индивидуального повышения качества жизни; выявлены закономерности, особенности и тенденции формирования качества жизни населения республики в период трансформации экономики; определены основные направления повышения качества жизни населения.

***Степень использования:*** результаты исследования использованы в законопроектах по повышению размеров ежемесячных социальных пособий; утверждению механизмов формирования бюджета на выплату ежемесячных пособий малообеспеченным семьям, имеющим детей, а также предоставлении и использовании сумм ежемесячных социальных пособий, выплачиваемых лицам, находящимся в интернатных учреждениях.

***Область применения:*** основные результаты исследования могут быть использованы органами государственного управления для разработки системы и новых стандартов по улучшению качества жизни населения; при совершенствовании комплексной оценки параметров качества жизни населения; при разработке программ социально-экономического развития Кыргыз Республикасынын и ее регионов; при формировании государственной социальной политики.

## RESUME

**The dissertation of Toktorbaeva Kalina Avlabekovna on the theme Theoretical and Methodological Aspects of the Formation of the Quality of Life of the Population ( based on the materials of the Kyrgyz Republic) for the degree of Doctor of Economic Sciences in the specialty of Economic Theory (08.00.01) and Economics and Management of the National Economy (specialty 08.00.05).**

***Keywords***: quality of life of the population, standard of living, lifestyle, development of social infrastructure, health, social protection.

***Object of research***: Factors forming the quality of life of the population.

***Subject of research***: A set of socio-economic relations appearing in the process of shaping the quality of life of the population.

***Purpose of research***: Reveal the laws, tendencies, peculiarities, and factors for the life quality formation in the market economy based on the known socio-economic mechanisms of raising the population's quality of life

***Research methods***: Dialectical, historical, logical, deduction, methods of scientific abstraction, analysis and synthesis, economic and statistical, structural analysis and expert assessments methods, method of econometric modeling.

***Results achieved***: The author`s systematization of scientific approaches to understanding the criteria of social welfare is proposed; the author`s content of the quality of life is given; the main directions influencing the formation of the quality of life of the population during the transformation of the economy are identified; the author`s classification of the structure and quality of life of the population is offered; the estimation of the level of quality of life of the population of the Kyrgyzstan in the regional context is given; the indicators of the quality of life of the population in the period of the economic transformation are identified on the basis of which the calculation technique of Human Development Index is improved, the concept of individual improvement of the quality of life is developed, the identification of the features of the formation and the main trends and quality of life of the population of the republic in the of the economic transformation are identified, the mechanism of action of the vicious circle and the decrease in the quality of life of the population is presented, the main directions of improving the quality of life of the population are elaborated as well as recommendations for the modernization of the social sector of the economy and the improvement of social policy for the future are formulated.

***Degree of use***: Statements and proposals of the thesis author were included in the draft resolutions of the Government of the Kyrgyz Republic providing the increase of the amount of monthly social benefits, approval of the mechanism of forming the budget for payment of monthly benefits to low-income families with children, approval of the provision for monthly social benefits to people in residential institutions.

***Application area***: The main results of the research can be used by public authorities of the Kyrgyz Republic, different scientific -research institutions and organizations to develop systems and new standards for improving the quality of life of the population, when working out a program of socio-economic development of the Kyrgyz Republic and its regions, when forming the state social policy.